2013-жылдын март айы

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ
КОРПОРАЦИЯСЫНЫН 2012-ЖЫЛ ИЧИНДЕГИ ИШМЕРДИГИ ЖӨНҮНДӨ

# ЖЫЛДЫК ОТЧЕТ

**МАЗМУНУ:**

I. КириШүү ........ 3

ОТЧЕТТУН ФОРМАСЫ ЖАНА СТРУКТУРАСЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ ........ 4

II. Жетекчилик жөнүндө маалыматтар ........ 5

Байкоочу кеңеш ........ 5

Башкы директор ........ 6

III. Структура жөнүндө маалыматтар ........ 7

IV. 2012-жылдагы ишмердиктин максаттары жана сүрөттөлүшү ........ 8

Кыргызстандын медиа мейкиндигиндеги КТРКнын абалы тууралуу маалымат ........ 8

2012-жылга карата коюлган максаттар жана алардын аткарылышы боюнча маалыматтар ........ 11

КТРКнын 2013-2015-жылдарга каралган өнүгүү стратегиясы ........ 15

2012-жылдагы эл аралык мамилелерди бекемдөө боюнча иштер жана өнөктөштөр менен иш алып баруу тууралуу маалымат ........ 16

2012-жылдагы эфирдеги жана эфирден тышкаркы маанилүү иш-чаралар тууралуу маалымат 18

2012-жыл ичиндеги уюштуруу-укуктук ишмердик жөнүндө маалымат ........ 19

2012-жылдагы КТРКнын адистер бөлүмүнүн аткарган иши тууралуу маалымат ........ 20

**2012-жыл ичиндеги КТРКнын Республикалык радиотелеборборунун (РРТБ) аткарган иштери тууралуу маалымат** ........ 22

2012-жылда санариптик көрсөтүүлөргө өтүүнүн алкагында кабыл алынган иш-чаралар тууралуу маалымат ........ 24

2012-жылдагы КТРКнын телерадиосигналдарынын сапатын инспекциялоо боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө маалымат ........ 26

V. Редакциялык саясат ........ 27

VI. Программалар сеткасы ........ 29

Негизги көрсөткүчтөр – Көлөмдөр/Коомдук биринчи канал ........ 29

Негизги көрсөткүчтөр – Көлөмдөр/КТРКнын радиоканалдары ........ 30

Аудиториянын керектөөлөрүн аныктоо боюнча кабыл алынган иш-чаралар жөнүндө маалыматтар ........ 32

2012-жылдагы КТРКнын жаңы теледолбоорлору жөнүндө маалымат ........ 36

Тышкы өндүрүүчүлөрдүн программаларынын тизмеги ........ 37

VII . Керектөөчүлөрдүн даттануулары жөнүндө маалыматтар ........ 39

VIII. Финансылык-экономикалык көрсөткүчтөр жөнүндө маалыматтар ........ 40

Артыкчылык берилген багыттардагы иштердин негизги жыйынтыктары жөнүндө маалымат 41

IX. Финансылык аудиттин жыйынтыктары ........ 46

X. 2013-жылга каралган бюджет ........ 47

XI. 2013-жылга карата максаттар ........ 48

XII. Коомдук берүүлөргө карата сунуштоолор ........ 49

Тиркемелер жана кошумча маалымат: ........ 51

# I. Киришүү

Коомдук телерадиоберүү корпорациясы мамлекет тарабынан жарандардын объективдүү жана түз маанидеги маалыматты эркин алууга болгон конституциялык укугун камсыз кылуу максатында түзүлгөн.

КТРК санариптик форматта жана заманбап медиа-технологияларды колдонуу менен программаларды өндүргөн жана эфирге алып чыккан №1-коомдук берүүлөрдү көрсөтүүчү болууга умтулат. КТРКнын программаларынын сапаты жана мазмуну коомдук берүүлөр чөйрөсүндөгү эл аралык стандарттарга жооп берет. КТРКнын программалары бүтүндөй коомго текши багытталган. КТРК натыйжалуу менеджменттин заманбап ыкмаларынын негизинде иш алып барат.

Тез өзгөрүп туруучу дүйнө жана коммуникациялык технологиялардын өнүгүүсүнүн шарттарында, КТРКнын милдеттерин иш жүзүнө ашыруу маалыматты таркатуунун ар түрдүү формаларында, мүмкүн болгон бардык платформаларда жана түзүлүштөргө жүзөгө ашырылышы керек: интернетте, кабелдик жана зымсыз алынуучу түйүндөрдө, компьютерлерде, мобилдүү түзүлүштөрдө, смартфондордо, планшеттик компьютерлерде ж.б.

**Бул багытта азыркы күндө белгилүү кадамдар жасалып, алар максатына жетишилген, канал жыл санап** аудиторияны зарыл болгон маалыматты өз убагында алуу үчүн өзүнө массалуу түрдө тартуу багытында **өз позицияларын бекемдеп келе жатат.** Бул үчүн тиешелүү шарттар түзүлүп, таркатуу каналдары көбөйүүдө, программалардын сапатын жакшыртуу боюнча иштер аткарылууда.

Бирок, азыркы күндүн реалдуулугуна КТРКнын ишин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук актылардын шайкеш эместиги, корпорацияны жакшыртуу боюнча иш-аракеттердин эркин болушунун мүмкүндүктөрү кыскартылган учурдагы коомдук берүүлөр каналынын толук кандуу өнүгүшү үчүн натыйжалуу эмес болуп эсептелген КТРКнын каржылануусу (беренелер боюнча) сыяктуу коомдук берүүлөрдүн максаттарына жана принциптерине жетишүүдө пайда болуучу татаалдыктарды да белгилей кетүү керек.

Ушул документтин негизги максаты – КР Коомдук телерадиокорпорациясынын 2012-жыл ичиндеги ишмердиги тууралуу маалымат берүү, отчеттук мезгил ичиндеги КТРКны реформалоо боюнча жетишилген жыйынтыктарды көрсөтүү, ошондой эле көңүл чордонун, аларды биргеликте чечүү жолдорун изденүү максатында, КТРКнын алдында пайда болуп жаткан көйгөй маселелерге буруу.

Ушул отчетту даярдоо максатында маалыматтарды консолидациялоо үчүн 2012-жыл ичиндеги КТРКнын бөлүмдөрү жана структуралык түзүлүштөрүнүн аткарган иштери жөнүндө документтер жана маалыматтар, ошондой эле уюштуруу мүнөзүндөгү эфирден тышкаркы маанилүү иш-чаралар боюнча маалыматтар колдонулду. **Жылдык отчеттун структурасы Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө мыйзамында каралган ченемдерге ылайык түзүлдү (*кийинки беттеги жыл сайын берилүүчү отчеттун формасы жана структурасы жөнүндө маалыматты караңыз*).** Байкоочу кеңеш менен макулдашылгандай, ачыктык жана тунуктук принциптерин камсыздоо максатында, ушул отчет ЖМКларга, анын ичинде Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын расмий сайтында www.ktrk.kg дареги боюнча жайгаштырылмакчы.

КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН «КЫРГЫЗ РЕСПУБЛИКАСЫНЫН КООМДУК ТЕЛЕРАДИОБЕРҮҮ КОРПОРАЦИЯСЫ ЖөНүНДӨ МЫЙЗАМЫНАН:

## ОТЧЕТТУН ФОРМАСЫ ЖАНА СТРУКТУРАСЫ ЖӨНҮНДӨ МААЛЫМАТ

**18-берене. Корпорациянын иши боюнча отчет**

**Ар бир жылдык отчет төмөнкүдөй маалыматты алып жүрүүгө тийиш:**
каржылоо жана жетекчилик жөнүндө маалыматтар;
өткөн жылдын ичинде Корпорация тарабынан жүзөгө ашырылганишмердиктин сүрөттөлүшү;
мурунку жылдагы Корпорациянын максаттары, аларга жетишүү деңгээли жана кийинки жылга каралган максаттары;
толугу менен же бир бөлүгү, тике же башка кыйыр жолдор менен Корпорацияга тиешелүү болушкан каалагандай компания же ишкана тууралуу маалыматтар;
өткөн жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы маалыматтары бар тышкы аудиттин жыйынтыктары;
кийинки жылга каралган бюджети;
Корпорациянын редакциялык саясаты;
программалар сеткасы жана аларга киргизүү үчүн пландаштырылган өзгөртүүлөр;
өндүрүүчү же компаниялардын аттарын/аталыштарын кошо алуу менен көз карандысыз өндүрүүчүлөр тарабынан өндүрүлгөн, Корпорация тарабынан берилип жаткан программалардын тизмеси;
коомдук берүүлөргө тиешелүү сунуштоолор жана керектөөчүлөрдүн даттануулары жөнүндө маалыматтар.

# II. Жетекчилик жөнүндө маалыматтар

2011-жылдын декабрь айында Кыргыз Республикасынын президенти тарабынан КР Жогорку Кеңеши 2011-жылдын 18-ноябрында кабыл алган «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» жаңы мыйзамга кол коюлган.

Мыйзамда Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын (КТРК) Кыргыз Республикасындагы маанилүү демократиялык институт катары укуктук абалы караштырылат.

Мыйзам менен коомдук телерадиоберүү уюму катары корпорациянын юридикалык статусу (макамы), корпорациянын максаттары жана тапшырмалары, анын укуктары жана милдеттери, ошондой эле структурасы жана башкаруу органдары аныкталган.

КТРК жөнүндө аракеттеги мыйзамга жана КТРКнын Уставына ылайык Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын башкаруу органдарына төмөнкүлөр кирет:

- корпорацияны башкаруунун жогорку органы болуп саналган Байкоочу кеңеш;
- корпорациянын аткаруучу органы болуп саналган Башкы директор.

## Байкоочу кеңеш

Корпорациянын жогорку башкаруу органы катары Байкоочу кеңеш аныкталган, ал коомдун кызыкчылыктарын көздөйт жана коомдук берүүлөр принциптерин сактоонун башкы шарты болуп саналат. «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамында Байкоочу кеңешти түзүү принциптери так жазылган. Кеңеш теңдеш пропорцияларда парламенттен, президенттен жана жарандык коомдон турган 15 адамдан түзүлөт. Ошондой болсо да, Байкоочу кеңештин бардык мүчөлөрү, алар ким тарабынан көрсөтүлгөндүгүнөн көз карандысыз, **окутуучу жана илимий мекемелерден, коомдук жана башка коммерциялык эмес уюмдардан гана** алынышы керек.

Ушундай эле принцип 2007-жылы кабыл алынган «Улуттук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө» мыйзамында да белгиленген. Бул уюмдардын тизмеги КР «Коммерциялык эмес уюмдар жөнүндө» мыйзамында так регламенттештирилген.

2012-жылдын 18-апрелинде Жогорку Кеңештин отурумунда депутаттар тарабынан Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын Байкоочу кеңешинин 15 мүчөсү шайланган[1].

Рейтингдик добуш берүүнүн жыйынтыктары боюнча КТРКнын Байкоочу кеңешинин курамына сунушталган 35 талапкердин ичинен президенттен, Жогорку Кеңештен жана жарандык коомдун ар биринен бештен өкүл шайланган.

Байкоочу кеңештин жаңы курамы иштеген убакыт ичинде Кеңештин 2-төрагасы шайланган, ал Фархад Шаршенович Бекмамбетов.

---

[1] 1-тиркеме. КР КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмеси

Байкоочу кеңештин башкы функцияларынын бири болуп КТРКнын аткаруучу органы болуп саналган жана КТРКнын каналдарынын мазмунунун сапаттуулугуна жоопкерчиликте болгон Башкы директорду шайлоо жана бошотуу эсептелет.

## Башкы директор

Башкы директор корпорациянын аткаруучу органын көрсөтүп турат. Башкы директор корпорацияны башкарат жана анын бардык операцияларына, ишмердигинин түрлөрүнө жоопкерчиликте болот. Башкы директор Кеңеш тарабынан 5 жылга шайланат жана Кеңешке отчет берип турууга милдеттүү.

Башкы директордун эки орун басары бар. Башкы директор корпорациянын ишине жетекчилик кылат, анын ведомствосуна тиешелүү түзүлүштөргө жалпы жетекчиликти жүзөгө ашырат, корпорацияга жүктөлгөн тапшырмалардын аткарылышына жоопкерчиликте болот[2].

Башкы директор Корпорациянын структурасын жана Корпорациянын Байкоочу кеңеши тарабынан аныкталуучу сандын алкагында штаттык тизимин бекитет, мамлекеттик органдар менен макулдашылгандан кийин Корпорациянын түзүлүштөрүнүн структурасын аныктайт жана бекитет; Кыргыз Республикасынын мамлекеттик органдары жана жергиликтүү өзүн-өзү башкаруу органдары, ошондой эле эл аралык уюмдар, ведомстволор, ишканалар алдына Корпорацияны алып чыгат жана Корпорациянын алар менен өз ара карым-катнашын камсыз кылат. Башкы директор өз орун басарларынын ортосунда кызматтык милдеттерди бөлүштүрөт жана аларга милдеттердин аткарылышы үчүн жоопкерчиликти жүктөйт.

[2] 2-тиркеме. КР КТРК менеджментинин тизмеси

## III. Структура жөнүндө маалыматтар

Корпорациянын штаттык тизими 760 кишиден турат, ал КР президентинин «Корпорациянын штаттык санынын чеги жөнүндө» буйруусу менен регламенттештирилген. Корпорациянын структурасы[3] (баштапкы өзгөртүп түзүүлөрүн эске алуу менен):

- Коомдук телерадиоберүү корпорациясы;
  - Республикалык Радиотелеборбор (РРТБ);
  - Д.С. Садырбаев атындагы «Кыргызтелефильм» ЧӨ КВФ

КТРКнын штаттык саны, анын ичинде :

- КТРКнын административдик-башкаруучу персоналы – 15 адам;
- жалпы кызматтар – 22 адам;
- телеберүү системасы – 234 адам;
- радиоберүү системасы– 69 адам;
- «Кыргызтелефильм» ЧӨ КВФ – 35 адам;
- Радиотелеборбор – 385 адам.

Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы уставдык капиталдын 60% үлүшү менен катышуучунун укуктарында «Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы[4] биргелешкен ишкананын уюштуруучусу болуп саналат. «Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы Кыргызстандын аймагындагы «Первый каналды» (ОРТ) алып көрсөтүүнү жүргүзөт.

КР Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын теле- жана радиоканалдары:

- «Коомдук Биринчи канал» телеканалы.
- «КТРК Музыка» телеканалы.
- КТРК радиосунун «Биринчи Радио» I программасы («Балдар FM» студиясы)
- КТРК радиосунун«Кыргыз Радиосу» II программасы («Түнкү Белес» студиясы)
- КТРК радиосунун«Миң-Кыял FM» III программасы
- www.ktrk.kg web сайты жана социалдык түйүндөр беттери аркылуу интернетке катышуу.

[3] 3-тиркеме. КР КТРКнын структурасынын схемалуу графикасы
[4] 4-тиркеме. «Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы тууралуу маалымат.

# IV. 2012-жылдагы ишмердиктин максаттары жана сүрөттөлүшү[5]

## Кыргызстандын медиа мейкиндигиндеги КТРКнын абалы тууралуу маалымат

КТРКнын башкы максаттарынын бири болуп масштабдуу жана өзгөчө популярдуу канал катары өлкөнүн медиа рыногундагы өз позицияларын бекемдөө эсептелет.

Акыркы эки жыл ичинде медиа кабыл алуу боюнча өзгөчө масштабдуу изилдөөлөр “М-Вектор” консалтингдик компаниясы тарабынан жүргүзүлүүдө, 2011-2012-жылдардагы коомдук пикирди иликтөөлөрдүн натыйжаларына ылайык, КТРК өлкө боюнча өтө жогору рейтингдүү канал болуп саналат, ал айрым пункттар боюнча акыркы жылдардын туруктуу лидери – россиянын “Первый каналын” (ОРТ) да артка калтырган. Ал эми КТРКнын жаңылыктар программалары жергиликтүү өндүрүштүн бардык берүүлөрүнүн ичинен өтө көп көрүлө турганы болуп эсептелет. Бул телекөрүүчүлөр КТРКнын программаларына көбүрөөк ишенимде боло баштагандыгын билдирип турат.

**КТРКнын Коомдук Биринчи каналы**

*1-таблица. Акыркы эки жыл ичиндеги КТРКнын “Коомдук Биринчи каналынын” жана негизги атаандаштардын телеберүүлөрүн көрүүнүн орточо күндүк үлүшү, %*

| | ***КТРК*** | *Первый канал (ОРТ)* | *Эл ТР* | *"Россия" каналы* |
|---|---|---|---|---|
| ***2012-жылдын жыйынтыктары боюнча (14+)*** | ***24,7%*** | *20%* | *12%* | *4,3%* |
| ***2011-жылдын жыйынтыктары боюнча (18+)*** | ***24,3%*** | *27,8%* | *10,8%* | *7,6%* |

*2-таблица. КТРКнын “Коомдук Биринчи каналынын” жана негизги атаандаштардын орточо күндүк телевизиондук аудиториясы* *******:

| | ***КТРК*** | *Первый канал (ОРТ)* | *Эл ТР* | *"Россия" каналы* |
|---|---|---|---|---|
| ***2012-жылдын жыйынтыктары боюнча (14+)*** | ***1 875 259*** | *1 343 784* | *1 026 002* | *330 961* |
| ***2011-жылдын жыйынтыктары боюнча (18+)*** | ***1 489 254*** | *1 365 254* | *617 777* | *444 898* |

** “М-Вектор” консалтингдик агенттигинин медиа изилдөөлөрүнүн маалыматтары боюнча*


Бул изилдөөлөрдө биринчи ондук лидерлер сабында пайдалуу позицияларда КТРКнын «Биринчи Радио» жана «Миң-Кыял FM» радиостанциялары да маалымат берүү жаатында көбүрөөк ишенүүгө боло турган жана ошого жараша көбүрөөк уга турган станциялар катары белгиленген. Ал эми 2012-жылы позицияларын «Кыргыз радиосу» радиостанциясы дагы жакшырта алган.

*Акыркы медиаизилдөөлөрдүн (декабрь, 2012-жыл) жыйынтыктары жөнүндө толугураак маалымат тиркемелерде көрсөтүлгөн*[6].

---

[5] 15-тиркеме. 2011-жылдагы (отчеттук жылдан мурунку) ишмердиктин сүрөттөлүшү
[6] 5-тиркеме. “М-Вектор” компаниясынын 2012-жылдагы өткөргөн медиаизилдөөлөрүнүн жыйынтыктары


*1-диаграмма.*


Орточо күнүмдүк телевизиондук аудитория, адам
1-толкун
2-толкун
3-толкун
2,000,000
1,800,000
1,600,000
1,400,000
1,200,000
1,000,000
800,000
600,000
400,000
200,000
0
1,898,726
1,364,047
1,038,153
401,176
336,108
272,154
254,511
234,050
220,205
211,353
КТРК (КТР)
1-канал (ОРТ)
ЭлТР
7 канал
Россия РТР
5-канал
НТС+НТВ
Ешлар
Эхо Манаса
ТНТ Азия

**КТРКнын радиостанциялары: Биринчи Радио жана Миң кыял ФМ Кыргызстан боюнча радиостанциялардын Топ 5ине форматтык каналдар менен катар кирген**

Кыргызстан обондору– 7,5 %
Европа+ 2,9 %
Эл ФМ - 2,4 %
Биринчи радио - 2,4 %
Миң кыял ФМ - 2,1 %

*2-диаграмма*



*3-таб.*

## 2012-жылга карата коюлган максаттар жана алардын аткарылышы боюнча маалыматтар

| | Алдыга коюлган максаттар | Аткарылышы жөнүндө маалыматтар | Алдын ала алынган жыйынтыктар |
|---|---|---|---|
| 1. | www.ktrk.kg жаңы сайтын ишке киргизүү | 2012-жылдын акырында www.ktrk.kg веб сайтынын жаңыртылган варианты ишке киргизилген. Жаңы сайт толугу менен мультимедиалык стандарттар боюнча иштелип чыккан. Эми КТРКнын теле жана радио жаңылыктары жана берүүлөрү түз эфирдеги он-лайн берүү сыяктуу эле, дайыма жаңыртылып тура турган архив аркылуу дагы жеткиликтүү. Сайт ошондой эле он-лайн теле- жана радиоберүү катары Кыргызстанда сыяктуу эле, чет мамлекеттерде да мобилдик телефондор, смартфондор жана планшеттер аркылуу көрүү үчүн ыңгайлаштырылган. Мында чет жактарда жашаган мекендештерибизлин суроо-талаптары да көңүлгө алынган. **Толук көлөмдө аткарылган.** | **Сайт** ишке киргизилген учурдан тартып ага **дүйнөнүн 94 өлкөсүнөн колдонуучулар кирishti**. Кыргызстандан кийинки сайтты кароонун эң көп саны биздин мигранттардын өтө көп саны топтолгон Россиянын жана Казакстандын аймактарында катталган. **Уникалдуу коноктордун саны 109 612**, беттерди карап көрүүлөр саны 1,5 млн. ашык. Эгерде эски сайтта күн ичиндеги конокtor саны 1 миңге жакынды түзгөн болсо, азыркы күндө күн сайын беш миңге жакын же андан да ашык адам сайтка киришүүдө. |
| 2. | КТРК Музейинин ачылышы | Корпорациянын башкы фойесинде КТРК Музейи ачылды, ал өлкөдөгү ата мекендик телерадиоберүүнүн калыптануусунун бүтүндөй мезгилин чагылдырат. Экспозицияда уникалдуу архив материалдар, өз кезегинде өлкөнүн алгачкы теле- жана радио каналдарынын эфирин камсыз кылып турган эски аудио- жана видеотехника коюлган. 44 стендден жана 16 тунук витринадан турат, экспонаттарынын саны улам толукталууда. **Толук көлөмдө аткарылган** | Музей өлкөдөгү телерадиоберүүнүн, анын ичинде КТРКнын тарыхы менен, телерадиоберүүлөрдүн негизин түптөгөн адамдар жөнүндө материалдар менен таанышкысы келген бардык каалоочулар үчүн ачык. Музейдин ачылышы өздүк каражаттардын эсебинен иш жүзүнө ашырылды. |
| 3. | КТРКнын «Музыка» II каналын ишке киргизүү | КТРКнын экинчи каналы – «Музыка» Бишкек шаары жана Чүй областы боюнча кабелдик түйүндөрдө, санариптик агым боюнча Баткен жана Ош областтарында ишке киргизилди. Ал эми 2013-жылдын 12-мартынан тартып «Музыка» каналынын берүүлөрүн Ош шаарынын жана ага жакын жайгашкан райондордун жашоочулары «Ынтымак» ТРКсынын толкундарында аналогдук сигналдар боюнча көрө алышат. **Толук көлөмдө аткарылган** | "Музыка" экинчи каналы жарнактын эсебинен кошумча каражаттарды тартууга багытталган. |
| 4. | "Миң-кыял FM" радиосунун толкун кармоо алкагын кеңейтүү. | **"Миң-кыял FM",** КТРКнын III программасы **радиосунун толкун кармоо алкагы кеңейтилди**. Радиостанциянын сигналдары эми Ысык-Көл областынын аймагында жана Нарын областынын Кочкор айылында жеткиликтүү. | Каналды таркатуу аудиториясы кеңейди, аны менен радиостанция жарнама берүүчүлөр үчүн дагы кызыктуураак болуп калды. |

| | | | |
|---|---|---|---|
| 5. | КТРКнын Алтын фондунан алып “Залкарлар Күүлөрү” лицензиялык аудиожыйнагын чыгаруу | 2012-жылдын декабрь айында **«Алтын фонддун» материалдарынан алынган аудиодисктердин биринчи чыгарылышы жарык көрдү.** Комузчулардын “Залкарлар Күүлөрү” күүлөр жыйнагы. Дисктер сатуу үчүн каржылоонун кошумча булактарын көбөйтүү максатында чыгарылган. Комплект тиешелүү товардык түрдө даярдалган да, 8 дисктен (160 чыгарма) жана антология брошюрасынан турат. Саны 2000 комплект. **Толук көлөмдө аткарылган.**<br>– Чыгашаларды кыскартуу жана рентабелдүүлүгүн жогорулатуу максаттарында CD жана DVD дисктерди нускалоо үчүн атайын жабдуу сатып алынган. Өздүк каражаттардын эсебинен иш жүзүнө ашырылган. | Дискти чыгаруу ички каражаттардын эсебинен жүзөгө ашырылган, мында **долбоордун рентабелдүүлүгү алар толук сатылып бүткөндө 300% жогору болот.** Бул – КТРКнын бюджетине 3 млн. сомдон жогору суммадагы кошумча каражаттарды тартуу мүмкүндүгү. |
| 6. | “Коомдук биринчи каналдын” түнкү убакта тартуусунун көлөмүн жогорулатуу. | КТРКнын Байкоочу кеңешинин түнкү убакта берүүлөр көлөмүн кеңейтүүгө берилген **протоколдук тапшырмасы аткарылды**. 2012-жылдын сентябрынан тартып “Түнкү канал” саат 00:00дөн 06:00гө чейин Чүй областы жана Бишкек шаары боюнча көрсөтүлө баштады. 2013-жылдын 1-январынан тартып көрсөтүүлөр бүткүл республикага чыгарылууда. Бул аракет ички кажаттардын эсебинен жүзөгө ашырылды. **Толук көлөмдө аткарылган.** | «Коомдук биринчи канал» түнкү аудиторияга берүүлөр тартуулаган **өлкөдөгү жападан-жалгыз күн-түнү иштеген канал** болуп калды. |
| 7. | Аудитория менен кайтарым байланышты колдоп туруу | Интерньюс Нетуорк Кыргызстандын көмөгү менен 2012-жылдын сентябрь айынан декабрь айына чейин аймактарда жана Бишкекте бардыгы болуп 550дөн ашык адам катышкан **коомчулук менен 10 жолугушуу өткөрүлгөн.** | Аудиториянын керектөөлөрүн табуу мүмкүндүгү. КТРКнын дарегине берилген даттануулар жана сунуштар талкууланды. КТРКнын берүүлөр сеткасына өзгөртүүлөр киргизилди. |
| 8. | КТРКны башкаруу механизмдерин жана финансылык абалына баа берүү критерийлерин аныктоо | Интерньюс Нетуорк Кыргызстандын көмөгү менен **финансылык[7] жана башкаруучулук аудит[8]** жүргүзүлдү. Корпорациянын техникалык аудитин баштоо пландаштырылууда. **Толук көлөмдө аткарылган.** | Аудиттердин жыйынтыктары каржылоонун жана азыркы күндүн реалдуулугуна ылайык эмгекке төлөөнүн жаңы системасын түзүүнүн натыйжалуу методдорун аныктоодо пайдалуу. |
| 9. | Контенттин көркөмдүк сапатын жогорулатуу | 2012-жылдын октябрында КТРКнын **Көркөмдүк кеңеши кайрадан иштей баштады.** Көркөмдүк кеңешинин курамына ар кыл тармактардын кесипкөйлөрү: театр жана кино режиссерлору, журналисттер, ошондой эле корпорациянын кызматкерлери киргизилди[9] | Азыркы күндө КК материалдарга баяндама жүргүзөт, материалдын сапатына баа берүүнүн негизинде авторлорго жана берүү даярдагандарга, түзүлүштөрдүн жетекчилерине сапатты жогорулатуу боюнча сунуштар берилет. |

[7] 6-тиркеме. 2012-жылдагы КТРКнын финансылык аудитинин жыйынтыктары
[8] 7-тиркеме. 2012-жылдагы КТРКнын ашкаруучулук аудитинин жыйынтыктары
[9] 8-тиркеме. КТРКнын Көркөмдүк кеңешинин курамы

*4-таб.*

*2012-жылга карата пландаштырылган уюштуруу техникалык мүнөздөгү башка иштер жөнүндө маалымат жана алардын аткарылышы тууралуу маалыматтар*

| **№** | **2012-жылга карата пландаштырылган иштердин тизмеги** | **Аткарылгандыгы тууралуу маалыматтар** |
|---|---|---|
| 1 | Коомдук пикирге мониторинг жүргүзүү жана контентке баа берүү. Өздүк социологиялык изилдөөлөрдү жүргүзүү | 1. Интерньюс Нетуорк Кыргызстандын көмөгү менен аудиториянын керектөөлөрүн аныктоо жана коомдук берүүлөрдү таркатуу боюнча коомчулук менен жолугушуулар өткөрүлдү.<br>2. Интерньюс Нетуорк Кыргызстандын көмөгү менен Ош жана Бишкек шаарларында «М-Вектор» компаниясы менен бирдикте фокус топтук изилдөө жүргүзүлдү.<br>3. «Эксперт» компаниясы тарабынан Интерньюс Нетуорк Кыргызстандын көмөгү менен КТРКнын продукцияларынын сандык контент изилдөөсү жүргүзүлдү.<br>4. КТРК мүчөсү болуп саналган Мамлекеттик жана коомдук берүүлөрдү көрсөтүүчүлөр ассоциациясынын заказы боюнча «М-Вектор» компаниясынын 3-толкун медиа изилдөөсү жүргүзүлдү. |
| 2 | Санариптик көрсөтүүгө өтүү боюнча КТРКнын программасын иштеп чыгуунун башталышы | 2012-жыл ичинде РРТБнын адистери тарабынан телевидениенин эски аппараттарын, студияларын кайра жабдуу жана 2013-2015-жылдарга карата жаңыларын түзүү боюнча сметалар жана долбоорлор түзүлдү. |
| 3 | Жергиликтүү жана чет мамлекеттик кинопродукцияны өндүрүүчүлөр жана ташып келүүчүлөр базасын түзүү | Кыргызстандагы, Казакстандагы, Өзбекстандагы жана Россиядагы продукция өндүрүүчүлөрдүн контакттар базасы түзүлдү. Коммерциялык сунуштарын кызмат көрсөтүүлөр, продукциялар тизмеги жана алардын наркы менен бирге берүүлөрү боюнча суроо-талап жөнөтүлдү. |
| 4 | Тегерек столдорду, конференцияларды өткөрүү. Керектөөлөрүн аныктоо үчүн коомчулук менен 2 (эки) жолугушуу өткөрүү | Интерньюс Нетуорк Кыргызстандын көмөгү менен 2012-жылдын сентябрь айынан декабрь айына чейин аймактарда жана Бишкекте бардыгы болуп 550дөн ашык адамдар катышкан **коомчулук менен 10 жолку жолугушуу өткөрүлгөн**.<br>Контент алмашуу механизмдери боюнча продакшн студиялардын өкүлдөрү менен 1 тегерек стол өткөрүлдү. Аудиториянын керектөөлөрүн аныктоо мүмкүн болду. КТРКнын дарегине жөнөтүлгөн даттануулар жана сунуштар талкууланды. КТРКнын берүүлөр сеткасына өзгөртүүлөр киргизилди. |
| 8 | 1С Бухгалтерия 8-версия программалык камсыздоосуна өтүү | Программалык камсыздоо сатылып алынды жана орнотулду. Экономикалык башкармалыктын кызматкерлери тиешелүү окутуудан өткөрүлүштү |
| 9 | Материалдык-техникалык базанын абалын аныктоо үчүн корпорациянын негизги каражаттарынын жана материалдарынын инвентаризацияланышы | Толук көлөмдө өткөрүлдү. |

| № | 2012-жылга карата пландаштырылган иштердин тизмеги | Аткарылгандыгы тууралуу маалыматтар |
|---|---|---|
| 10 | “КР КТРКнын жана “ОТВ ЭлТР” КР ТРКнын кызматкерлери үчүн чыгармачыл түрдөгү иштерди аткаргандыгы үчүн сыйлыктар ченин бекитүү жөнүндө” токтом долбоорун демилге көтөрүп чыгуу | Өзгөртүүлөр сунушталды, министрликтердин жана ведомстволордун макулдуктары алынды. Токтом долбоору өкмөткө жөнөтүлдү жана макулдашуу жана бекитүү жол-жобосунан өтүп жатат. |
| 11 | КТРКнын Корпоративдик кодексин иштеп чыгуу | Корпоративдик кодекстин долбоору иштелип чыкты жана кошумча икргизүү жана КТРКнын менеджментинде макулдаштыруу жол-жоболорунан өткөртүлүүдө. |
| 12 | Тарификациялоону өткөрүү тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу. | Жобо юридикалык бөлүм тарабынан иштелип чыккан.КР КТРКнын чыгармачыл-техникалык кызматкерлерин тарификациялоодон өткөрүү тартиби жөнүндө жобо Башкы директор тарабынан Кесиптик кошуун комитетинин Төрагасы менен макулдаштыруу боюнча 2012-жылдын 19-октябрында бекитилген. |
| 13 | Кадрлык иш кагаздарды системалаштыруу. | 8-версиядагы 1С программалык камсыздоосу орнотулду, окутуу өткөрүлдү, система тестирлөөдөн өтүп жатат |
| 14 | Кызматкерлерди кошумча көндүмдөргө окутуу. | Студиялардын продюсерлери жана бөлүм башчылары окутуу боюнча өз каалоолорун беришкен (аларды билимдердин кайсы тармагы көбүрөөк кызыктыраары тууралуу). Азыркы күндө окутуу боюнча темалар аныкталды. Мүмкүн болгон бизнес мектептерди жана тренинг борборлоруна телефон аркылуу сүйлөшүү процесси жүрүүдө. |
| 15 | Кызматкерлердин эмгек тартибин жөнгө салуучу ченемдик-укуктук документтерди иштеп чыгуу. | «Корпорациянын кызматкерлеринин ички эмгек тартибинин эрежелери» документи иштелип чыккан жана бекитилген.<br>КТРКнын корпоративдик кодекси иштелип чыккан жана бекитилген. |
| 16 | Телерадиоберүүлөрдүн чыгармачыл персоналын аттестациялоодон өткөрүү тартиби жөнүндө жобону иштеп чыгуу. | Азыркы тапта аттестациялоодон өткөрүү тартиби жөнүндө жобонун долбоору кошумчалоо жана КТРКнын менеджменти менен макулдаштыруу жол-жоболорунан өткөрүлүүдө. Аны юридикалык бөлүм иштеп чыгууда. |
| 17 | Жаңыдан келген кызматкерлерди көнүктүрүү системасын иштеп чыгуу. | Жаңыдан келген кызматкерлерди көнүктүрүү жөнүндө жобонун долбоору кошумчалоо жана КТРКнын менеджменти менен макулдаштыруу жол-жоболорунан өткөрүлүүдө. |

## КТРКнын 2013-2015-жылдарга каралган өнүгүү стратегиясы

**2012-жылга карата негизги милдеттердин бири – бул корпорация ага ылайык өзүнүн өнүгүү жолдорун, анын ичинде санариптик берүүлөргө өтүүнүн босогосунда турганын да аныктай ала турган КТРКнын 2013-2015-жылдарга каралган өнүгүү стратегиясын түзүү жана бекитүү болгон.**

**Аталган документ 2012-жылы КТРКнын Байкоочу кеңешинин тапшырмасы боюнча иштелип чыккан.**

6-декабрда, КТРКнын Байкоочу кеңешинин кезектеги отурумунда Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын өнүгүү стратегиясы кабыл алынган. Стратегия 2013-2015-жылдарга каралган. Бет ачары өткөндөн кийин стратегиянын кемчиликтери жана артыкчылыктары талкууланды. Натыйжада документ кеңештин отурумга катышып жаткан мүчөлөрүнүн бир добуштан кабыл алынган чечими менен негиз катары кабыл алынды.

Стратегиянын үстүндө башында корпорациянын башкы директору турган каналдын кызматкерлеринен, менеджмент жана медиакоммуникациялар тармагындагы эксперттерди ишке тартуу менен атайын түзүлгөн жумушчу топ иштеди. Мындан тышкары коомчулуктун жана жарандык сектордун өкүлдөрү менен өлкөнүн башкы каналын өнүктүрүүнүн идеяларын жана пикирлерин талкуулоо боюнча масштабдуу кеп-кеңеш берүүлөр жүргүзүлдү.

КТРКнын өнүгүү стратегиясы алдыдагы үч жылга карата артыкчылыктуу багыттарды жана максаттарды аныктайт. Жана эң башкысы коомдук берүүлөр принциптерине ылайык корпорациянын өнүгүшү үчүн максатка ылайык багытталган кадамдарды караштырат.

Стратегияга ылайык КТРКнын өнүгүүсүнүн негизги багыттары санариптик бөрүүлөргө өтүү, контентти жакшыртуу, каржылоо булактарын диверсификациялоо, кадрлар системасын өнүктүрүү, техникалык модернизациялоо ж.б. ушул сыяктуу милдеттерди караштырат.

*Стратегиянын документине карата алдыга коюлган милдеттерди иш жүзүнө ашыруу тартибин, жооптуу адамдарды жана ишке ашыруу мөөнөттөрүн кеңири сүрөттөй турган иш-аракеттер планы иштелип чыккан.*

## 2012-жылдагы эл аралык мамилелерди бекемдөө боюнча иштер жана өнөктөштөр менен иш алып баруу тууралуу маалымат

- Жапон эл аралык кызматташуу агенттиги (JICA) менен жапон элинин колдоо көрсөтүүсү багыты боюнча **кайтарымсыз негизде 800 миң АКШ долларынан ашык** суммадагы техникаларды жана алардын бөлүктөрүн ташып жеткирүү боюнча макулдашууга жетишилди.
- Түрк коомдук телерадиокомпаниясы (TRT) менен контент алмашуу жана TRTнын базасында **жылына КТРКнын 12ден кем эмес кызматкери** бир айлык стажировкадан өтүү жана окуу боюнча келишим түзүлгөн. Кызматкерлердин жашоосу жана тамактануусу TRTнын эсебинен жүргүзүлөт.
- Түрк эл аралык кызматташуу агенттиги менен келишилген макулдашууларга ылайык (TICA) **50 миң АКШ долларынан жогору суммага** техникалык жабдуулар алынып келинди.
- 2012-жылдын сентябрь айынан тартып Интерньюс Нетуорктун «Кыргызстандагы коомдук берүүлөрдү реформалоого колдоо көрсөтүү» долбоорун жүзөгө ашыруу боюнча иш-аракеттер башталды. Долбоордун алкагында төмөнкүдөй иштер жүргүзүлүүдө: Финансылык абалдын[10], башкаруунун[11] жана техникалык жабдуулардын аудиттери, сапаттык[12] жана сандык контент-изилдөөлөр[13], коомчулук менен жолугушууларды уюштуруу, укуктук жана кеңеш берүүчү колдоо көрсөтүү ж.б. Учурда техникалык жабдуулардын аудитин жүргүзүү башталды.
- BBC Бүткүл дүйнөлүк кызматы, Эркин Европа Радиосу/Эркиндик Радиосу (Азаттык) жана КЭР СУРТ (Кытай терезеси) сенен маалымат таркатуу жана кадрларды окутуу боюнча макулдашуулар узартылды.

  - BBC менен мурун келишилген макулдашуулардын негизинде **эл аралык окуялар боюнча хронометражы 10 минута болгон күнүмдүк видеосюжеттерди акысыз алуу жөнүндө макулдашуу түзүүгө** жетишилди.
- КТРК Кыргызстандагы улуттук масштабдагы канал катары Ислам берүүлөрү союзуна (IBU) толук кандуу катышуучу укуктарында киргизилди.
- ABU Азия жана Тынч океан көрсөтүүчүлөр союзуна мүчөлүгүнүн алкагында 2013-жылдын июнь айына Орто Азиядагы алгачкы ABU мүчөлөрүнүн – Кыргызстандын жана БА өлкөлөрүнүн ЖМК өкүлдөрүнүн Форуму пландаштырылган. Анын алкагында кызматташуу варианттарын талкуулоо жана өлкөнүн санариптик берүүгө өтүүсү боюнча угуулар боюнча бир катар жолугушуулар пландаштырылган.

---

[10] 6-тиркеме. 2012-жылдагы КТРКнын финансылык аудитинин жыйынтыктары
[11] 7-тиркеме. 2012-жылдагы КТРКнын башкаруучулук аудитинин жыйынтыктары
[12] 9-тиркеме. Фокус топтун негизинде КТРКнын контентин сапаттык изилдёёлёр
[13] 10-тиркеме. 2012-жылдагы КТРКнын сандык контент анализи

- Литва жана Эстон КТРБлары менен кызматташуу боюнча макулдашуу, ушул каналдардын жетекчилигинин өкүлдөрү менен макулдашууларга жетишкенден кийин, аяктоо баскычында турат.

## 2012-жылдагы эфирдеги жана эфирден тышкаркы маанилүү иш-чаралар тууралуу маалымат

2012-жыл ичинде Коомдук биринчи каналдын берүүлөр сеткасына[14] жайгаштырылган контенттин тизмеги:

- 2012-жылдын октябрь – ноябрь айлары. **2012-жылдагы жергиликтүү кеңештерге болгон шайлоолордун жүрүшүн,** КТРК эфирден бардык канидаттарга бирдей чектөөсүз орун берген учурда, **телевизиондук дебаттарды уюштуруу аркылуу** чагылдыруу. Интерактивдүү курамдарды жигердүү колдонуу менен саясий дебаттардын жаңы түрү колдонулду..
- 2011-жылдын аягы – 2012-жылдын январь айы. **Түрк тилдүү мамлекеттердин «Евразия жылдызы» таланттар сынагын** уюштуруу жана «TRT» түрк каналы менен бирдикте **көрсөтүүлөр**.
- 2012-жылдын 27-июлунан 12-августуна чейин **Лондондогу Олимпиадалык оюндардан алып берүүлөр уюштурулду.**
  Кыргызстандан жалгыз гана КТРК биздин өлкөбүздүн аймагында XXX Олимпиадалык оюндарды көрсөтүүгө эксклюзивдүү лицензия ала алган.
- 2012-жылдын 8-июнунан 1-июлуна чейин Украинада жана Польшада **болуп өткөн Европанын футбол боюнча Чемпионаты – 2012нин** бардык матчтарын көрсөтө алган.
- 2012-жылдын февраль-март айлары. **Түз эфирде Бильярд боюнча дүйнөнүн Чемпионатынын оюндарын көрсөтүү**. Бишкек, Кыргызстан.
- 2012-жылдын июль айы**. «Ысык-Көл – 2012» эл аралык музыкалык фестивалын уюштуруу жана көрсөтүү**, Чолпон-Ата шаары.
- 2012-жылдын 22-майы. Азербайжанда болуп өткөн **«Евровидение-2012» музыкалык сынагынан түз алып көрсөтүү**.
- 2012-жылдын 9-октябры. Европалык футбол ассоциациялары союзунун (УЕФА) президенти Мишель Платининин Кыргызстанга болгон визитине карата Бишкектеги “Спартак” стадионунда "Алай" менен "Алганын" ортосунда өткөрүлгөн **«Легенданын кубогу» үчүн футболдук матчты түз алып көрсөтүү**.
- 2012-жылдын ноябрь айы. **Комузчулардын “Карамолдонун күүлөрү” сынагын** тартууну уюштуруу жана аны көрсөтүү**.**
- **“Ала-Too” аянтынан мамлекеттик маанидеги олуттуу окуяларды** жана башка ири иш-чараларды, анын ичинде Көз карандысыздык күнүн, Курман айтты, Орозо айтты жана башка берүүлөрдү **тике алып көрсөтүүнү уюштуруу**.
- **КР Өкмөтү тарабынан пландаштырылган – өкмөттүк маанидеги 13 иш-чараны көрсөтүүнү** жана дагы 5 пландан тышкаркы иш-чараны **уюштуруу.**

---

[14] 11-тиркеме. Коомдук Биринчи каналдын 2012-жылдагы берүүлөр сеткасы.

## 2012-жыл ичиндеги уюштуруу-укуктук ишмердик жөнүндө маалымат

**Укуктук ишмердик**

2012-жылдан бери азыркы убакытка чейинки мезгил ичинде Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын юристтери тарабынан ички актылары иштеп чыгуу боюнча төмөнкүдөй иштер жүргүзүлдү:

1. «Корпорация жана анын структуралык түзүлүштөрү тарабынан келишимдик ишмердикти жүргүзүү жөнүндө» жобо иштелип чыкты жана макулдаштырылды.
2. «Корпорациянын кызматкерлеринин ички эмгек тартибинин эрежелери» иштелип чыкты жана макулдаштырылды.
3. Корпорациянын кызматкерлеринин кызматтык нускамалары иштелип чыкты жана макулдаштырылды.
4. «Корпорациянын коллегиясы жөнүндө» жобо иштелип чыкты жана макулдаштырылды.
5. «Корпорациянын иш кагаздары боюнча нускама» иштелип чыкты.
6. «Корпорациянын кызматкерлерин аттестациядан өткөрүү жөнүндө» жобо иштелип чыкты.
7. Корпорациянын кызматкеринин Эмгек келишиминин жолбоору иштелип чыкты.
8. «Жарнама жөнүндө мыйзамга өзгөртүүлөрдү киргизүү тууралуу» мыйзамына карата сунуштар жана сын-пикирлер иштелип чыкты.

**Ушул тапта төмөнкүдөй иштер жүргүзүлүп жатат:**

1. Кыргыз Республикасынын Өкмөтүнүн «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын жана «Коомдук телевидение – ЭлТР» Кыргыз Республикасынын Телерадиоберүүлөр компаниясынын кызматкерлеринин чыгармачылык түрлөрдөгү аткарган иштери үчүн сыйлык чендерин бекитүү жөнүндө» токтомун макулдаштыруу, бекитүү жана аракетке киргизүү боюнча иштер жүргүзүлүүдө.
2. Кыргыз Республикасынын КТРКнын кызмат көрсөтүүлөрүн реестрден чыгарып таштоо жөнүндө токтомунун долбоору иштелип чыккан жана макулдаштыруу баскычында турат. Экономика министрлиги 2013-жылдын март айынын акырына чейин КТРКнын кызмат көрсөтүүлөрүн реестрден чыгарып таштоо жөнүндө Кыргыз Республикасынын токтомун берүүгө убада кылган.
3. Корпорациянын телеберүүлөрүнө карата лицензия алуу боюнча иш жүргүзүлүүдө (документтер жыйнагын топтоо, техникалык сунуштарды иштеп чыгуу).
4. Корпорациянын бөлүмдөрү үчүн жоболорду иштеп чыгуу жүзөгө ашырылууда.
5. Кыргыз Республикасынын «Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорация жөнүндө» мыйзамына өзгөртүүлөрдү жана толуктоолорду даярдоо боюнча иштер жүргүзүлүүдө.
6. Өкмөттүн жана КР Президентинин бейөкмөт уюмдар боюнча иштери жүргүзүлүүдө (же толук алып таштоо, же өзгөртүү киргизүү), атап кетсек:

6.1. КР Президентинин 2008-жылдын 20-ноябрындагы №263-буйруусу (КТРКнын штаттык тизими)

6.2. КР Өкмөтүнүн 2008-жылдын 11-июлундагы № 372-токтому (мамлекеттик кызматкер категорияларына кирбеген кызматкерлердин эмгегине акы төлөө шарттары)

6.3. КР Өкмөтүнүн 2011-жылдын 31-майындагы № 266-токтому (КР КТРКнын кызматкерлеринин эмгегине акы төлөөсүнүн жаңы системасын киргизүү жөнүндө)

7. Келишимдик иштер жүргүзүлүүдө, келишимдер долбоорлору иштелип чыгууда, Корпорацияга контрагенттер тарабынан берилген келишим долбоорлору Кыргыз Республикасынын мыйзамдарына шайкеш келиши текшерилет. Корпорациянын келишим, контракттар, макулдашуулар долбоорлорн иштеп чыгуу жүзөгө ашырылууда.

## 2012-жылдагы КТРКнын адистер бөлүмүнүн аткарган иши тууралуу маалымат

Корпорациянын штаттык тизими 2012-жылдын акырына карата 760 бирдикти түзгөн (алардын ичинен КТРК – 340, РРТБ -385, КТФ – 35).

2012-жыл ичиндеги кадрлардын жылышы:

*5-таб.*

| | |
|---|---|
| Штатка кабыл алынды | 31 адам |
| Бала багуу өргүүсүндөгү мезгилге карата кабыл алынды | 36 адам |
| Бала багуу өргүүсүнөн кийин милдеттерин аткарууга киришишти | 16 адам |
| Башка штатка которулду | 21 адам |
| КР аймагынан сырткары окууга жөнөтүлдү | 5 адам |
| Өз эрки боюнча кызматынан бошотулду | 30 адам |
| Бала багуу өргүүсүнөн чыккандарына байланыштуу бошотулушту | 17 адам |
| Жумушка келбей койгондугу үчүн 83-берененин 5,6-пункттары боюнча бошотулду | 1 адам |

2012-жыл ичинде төмөнкү ченемдик-укуктук документтер иштелип чыккан жана ишке киргизилген:

- 2012-жылдын 24-сентябрындагы КР КТРКны реформалоо боюнча жумушчу топтун иш регламенти.
- 2012-жылдын 19-октябрындагы КР КТРКнын чыгармачыл-техникалык кызматкерлерин тарификациялоону жүргүзүү тартиби жөнүндө жобо.
- 2012-жылдын 22-октярында кабыл алынган КР КТРКнын кызматкерлерине акчалай сыйлык берүү жана материалдык жактан стимул берүү тартиби жөнүндө жобо.
- 2012-жылдын 14-декабрында кабыл алынган КР КТРКнын ички эмгек тартибинин эрежелери.

2012-жылдын ичиндеги кызматкерлерди шыктандыруу боюнча ар түрдүү иш-чараларды өткөрүү:

- «Ала-Тоо» студиясынын Чүй областы боюнча корреспонденти Сталбек Абдраевдин 50 жылдык юбилейинин урматына катара ага «КТРКнын отличниги» наамы ыйгарылды.
- «Тагдыр» автордук берүүсүнүн 25 жылдык юбилейинин урматына карата «КР КТРКнын отличниги» наамы социалдык-экономикалык жана инновациялык программалар студиясынын өздүк корреспонденти Болотбек Макетаевге ыйгарылган.
- Радио кызматкерлеринин күнүнүн урматына карата ыйгарылды:
  - «КТРКнын отличниги» - 2 кызматкерге
  - «КТРКнын Ардактуу грамотасы» менен сыланышты - 14 кызматкер
- КР телевидениеси жана радиосунун кызматкерлеринин күнүнө карата сыйланышты:
  - «КР КТРК отличниги» наамы 32 кызматкерге ыйгарылды (алардын ичинен: 16 – КТРК, 15 – РРТБ, 1 – КТФ)
  - «КР КТРКнын Ардактуу грамотасы» менен - 62 кызматкер (алардын ичинен: 30 – КТРК, 30 – РРТБ, 2 – КТФ)

- «Кесиби боюнча мыкты 2012» наамы – 57 кызматкерге ыйгарылды (алардын ичинен: 40 – КТРК, РРТБ – 16, КТФ – 1)
- «Мыкты долбоор 2012» - 6 долбоор
- Тышкы сыйлыктар: «КР КТРКсынын отличниги» - 2 адам

- 8-Март Эл аралык аялдар күнүнүн урматына Корпорациянын кызматкер айымдарын куттуктоолор.

<u>2012-жыл ичиндеги кызматкерлерди окутуу:</u>

- 2012-жылдын июнь айында 1С: бюджеттик уюмдар үчүн бухгалтерия, 8-версия тармагында бухгалтериянын, адистер бөлүмүнүн, экономикалык бөлүмдүн кызматкерлери жана гонорарлар боюнча адистер окутулду.
- 2012-жылдын июль айынан тартып 2013-жылдын февраль айына чейин Турцияда окуудан «Ала-Тоо» студиясынын 2 кызматкери өткөн.
- 2012-жылдын октябрь айында адистер бөлүмүнүн башчысы З.Рысбекова “Өз күчү менен адам ресурстарын башкаруу системасынын аудитин жүргүзүү” темасында Бишкек бизнес-мектеби тарабынан өткөрүлгөн тренингге катышкан.
- 2012-жылдын ноябрь айында башкы директордун радиоберүүлөр боюнча орун басары К.Иманалиев Чехиянын Прага шаарында стажировкада болгон, ал жерде радиоберүүлөр, анын ичинде, Прага шаарындагы “Азаттык” радиосу тармагында тажрыйба алмашуу өткөрүлгөн.
- 2012-жылдын декабрь айында «Биринчи радионун» кызматкери жана «Кыргыз радиосунун» кызматкери Лондондо болушкан, анын максаты – Лондондогу ВВС дүйнөлүк кызматын көрүү, бул жакта коммуникация жана аудиенция тармагында, маалыматты жана технологияларды таркатуу тармагында тажрыйба алмашуу жүргүзүлгөн.
- Интерньюс долбоорунун алкагында Кыргызстандагы маалыматтык ресурстарды өркүндөтүү тармагында Корпорациянын персоналын окутуучу тренингдер өткөрүлгөн: телерабиоберүүлөргө жана көз карандысыз он-лайн медиага көмөк көрсөтүү. Бул долбоордун алкагында Литва, Молдава жана Эстон телерадиоберүү компанияларынын өкүлдөрү катышкан көптөгөн жолугушуулар жана семинарлар өткөрүлгөн. Бул долбоордун максаты болуп жарандардын жана бийлик органдарынын өз ара карым-катнашын жакшыртуу үчүн КТРКнын потенциалын жана мүмкүнчүлүктөрүн күчөтүү эсептелет.
- 2012-жылдын 8-ноябрынан тартып КТРКнын ишин Интерньюс долбоорунун алкагында оптималдаштыруу максаттарында башкаруучулук, финансылык жана техникалык аудит жүргүзүү үчүн көз карандысыз аудиторлор чакырылган, ошондой эле «Санариптик берүүлөргө өтүү – максаттары жана учурдагы абалы» темасында тегерек столдор өткөрүлдү. КТРКнын көрүмдүүлүк деңгээлин аныктоо боюнча изилдөөлөр жүргүзүлдү. Жыл акырында КТРКнын менеджментинин БК мүчөлөрү менен бирдикте Кыргызстандын аймактары боюнча калк менен жолугушуулары уюштурулду.
- Стади-тур жана стажировкалар

## 2012-жыл ичиндеги КТРКнын Республикалык радиотелеборборунун (РРТБ) аткарган иштери тууралуу маалымат

### I. Техникалык өнүгүү боюнча иштер жана техника менен жабдуу

1. 2012-жылдын 1-октябрынан тартып эфирге “Музыка” телеканалы чыккан, бул телеканал “Долон ТВ”, “Зор ТВ”, “Акнет” кабелдик түйүндөрүндө көрсөтөт, Ош шаарында жана анын тегерегиндеги райондордо “Кыргызтелекомдун” санариптик пакетине киргизилген (Баткен областы санариптик көрсөтүүлөр менен 95 пайызга камтылган). Музыкалык канал “Ынтымак” телерадиокомпаниясынын толкунунда көрсөтөт
2. 2012-жылдын октябрь айынан тартып “Миң Кыял” радиосу Ысык-Көл областынын аймагында, Нарын областынын Кочкор районунда тарта баштады.
3. Нарын жана Талас областтарында “Миң Кыял” радиосунун берүүлөрүнүн тартышын ишке киргизүү аба ырайынын шарттарынын бузулгандыгына байланшытуу кийинкиге калтырылган (РМТР РПОнун каты кошо тиркелет).
4. 2012-жылдын 1-декабрынан тартып “Ала-Тоо” №10 монтаждоо студиясы ишке киргизилген.
5. 2012-жылдын декабрь айынан тартып CD жана DVD дисктерди жазууга жана тиешелүү түрдө тариздөөгө мүмкүндүк берүүчү эки комплект компьютери бар аппараттык бөлмө иштей баштады.
6. Санарип видеокамералардын 8 комплекти эксплуатациялоого берилди, алардын ичинен “Заманага” – 3 комплект, редакциялар үчүн – 4 комплект, КТФ – 1 комплект.
7. АПБ (С-120) аппараттык бөлмөдөгү ТВ эфирин автоматташтыруунун Airbox системасынын эки комплектиси өз алдынча компьютер-серверлердин базасында эксплуатацияга киргизилген. Эфирдин титрлерин тариздөө үчүн Titlebox. Airbox жана Titlebox системаларын тейлөө боюнча нөөмөтчү режиссерлорду техникалык окутуу жана техминимумду кабыл алуу жүргүзүлдү.
8. №29-аппараттык бөлмөдө Airbox аркылуу эфирге берүү үчүн эфир видеоматериалдарын санарипке өткөрүү жана архивдөө үчүн компьютер орнотулду.
9. Баткен жана Жалал-Абад областтарында «Миң кыял FM» радиосунун FM-өткөргүчтөрүн үзгүлтүксүз берүү үчүн 2 комплект UPS (үзгүлтүксүз азыктандыруу булагы) орнотулду.
10. Радиоэфирди камсыз кылуу максатында 17 диктофон берилди, анын ичинде “Биринчи радиого” – 10 даана, “Кыргыз радиосуна” – 7 даана.
11. Видеомонтаждоо үчүн 6 комплект компьютердик станциялар ишке киргизилди, алардын ичинен: «Ала-Тоо» - 1 комплект, «Дөөлөт» – 3 комплект, КТФ – 1 комплект жана 1 комплект эфир материалдарын санарип форматына өткөрүү үчүн орнотулган.
12. Радио фондунун электрондук картотекасын жүргүзүү үчүн программалык камсыздоосу менен картотекага 3 комплект компьютерлер орнотулду.
13. РРТБнын кызматкерлеринин ПТЭ, ПТБ, ППБ жана эмгекти коргоо билимдерин пландагы жылдык текшерүүсү жүргүзүлдү.
14. 2012-жыл ичинде инженердик-техникалык персоналдын квалификациясын жогорулатуу үчүн телевидение жана радио технологияларын өнүктүрүү боюнча

"Skymax" фирмасынын жана "SONY" фирмасынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен бир нече семинар өткөрүлдү.

15. КТРК жана ТРТнын ортосундагы кэи тараптуу макулдашуунун алкагында РРТБнын үч цех башчылары Турцияда «TRT» телеканалында бир жумалык стажировкадан жана тажрыйба алмашуудан өтүп келишти.
16. 2012-жылдын август-сентябрь айларында JICA аркылуу алынган техникалык гранттын абалын окуп-үйрөнүү боюнча NHK компаниясынын адистери менен биргелешкен иштер жүргүзүлдү. Жыйынтыгында, 2012-жылдын 7-сентябрында «Мындан аркы кызматташуу жөнүндө» макулдукка кол коюлду.
17. Төмөнкү теледолбоорлордун жасалгалары даярдалды: "Протокол", "Поэзия кечелери", "Фабрика звезд", "Кайдасың", "Кино баяны", "Дебаты", Голубой огонек", "ТВ Бар".

## II. Чарбалык ишмердик

1. 2012-жылдын ноябрь-декабрь айларында КТРКнын музейи үчүн витриналарды жана экспонаттарды орнотуу боюнча жана музей үчүн экспонаттарды аныктоо иштери жүргүзүлдү.
2. КТРКнын имаратынын 5-кабатында толук капиталдык оңдоолор жүргүзүлдү жана анда "Ресурстук борбор" ишке киргизилди.
3. 2012-жылы биз өз күчүбүз менен жана РРТБнын кирешесинин эсебинен айрым участкаларды оңдодук, б.а.:

   - ашкананын жылытуу системасынын түтүктөрү жана батареялары алмаштырылды
   - 60 метр узундуктагы АСК подвалындагы муздак суу түтүктөрү алмаштырылды.
4. 2012-жылы электржабдуулары боюнча пландагы алдын-алуу жана оңдоо иштери аткарылган, алардын ичинен:

   - жаңы сервердик бөлмөдөгү үзгүлтүксүз азыктандыруу булагын орнотуу, монтаждоо, ийине келтирүү;
   - архив жана 2-канал үчүн электрдик азыктандыруунун электр түйүнүн монтаждоо;
   - борбордук аппараттык бөлмөдө орнотулган үзгүлтүксүз азыктандыруу булагына радио үйүн, камердик студияны, чоң концерттик студиянын аппараттыгын, №4, 8 аппараттыктарды кошуу жүргүзүлгөн;
   - Замананын имаратындагы, АСК-1дин тепкичтериндеги жана коридорлорундагы, ВМЗ аппараттык бөлмөлөрүндөгү, ашканадагы жана буфеттеги, ошондой эле пресс-борбордогу, РРТБнын 14 кабинет жана аппараттык бөлмөлөрүндөгү, СЭиП студияларындагы, жыгач кармоо цехиндеги жарык берүү лампалары алмаштырылган жана электр зымдарынын капиталдык ремонту боюнча иштер аткарылган.
5. Цехтердин, редакциялардын билдирмелери боюнча кабинеттердеги электр жабдууларынын майда түрдөгү оңдоолор да аткарылган.
6. Шейшемби күндөрүндөгү электр жабдууларынын жума сайын каралышы аткарылып турган.
7. 2013-жылы РРТБнын иш планына керектелүүчү суммасы менен электр жабдууларынын оңдоолору жана кайра жасалып чыгышы киргизилген, аткени РРТБнын электр чарбасы өтө жаман абалда калган.

   - Жыл башынан бери күч трансформаторлорун сыноолор жана оңдоолор башталды.
   - Имараттарда оңдоп-түзөтүүлөр боюнча айрым иштер жүргүзүлдү.

- Тепкичтерде, коридорлордо, студияларда ж.б. бардыгы болуп 19 000 квадраттык метр. Анын ичинде:
- “Замана” студиясынын имаратындагы 37 кабинетинде.
- АСК, Радио үйү, Административдик корпуста – 95 кабинетте.
- “Телеклиникалар” студиясында оңдоолор ичинен жана тышынан жүргүзүлдү.
- КТРКнын ашканасындагы оңдотуулар.

## 2012-жылда санариптик көрсөтүүлөргө өтүүнүн алкагында кабыл алынган иш-чаралар тууралуу маалымат

Натыйжалуу техникалык компонентти камсыз кылуу корпорациянын толук кандуу өнүгүүсүнүн маанилүү курамы болуп саналат, бул ошондой эле КТРКнын 2013-2015-жылдарга каралган өнүгүү стратегиясында да каралган. Бүткүл корпорациянын техникалык жактан камсыздалышы жана тейлениши КТРКнын структуралык түзүлүшү болгон Республикалык телерадиоборбор тарабынан жүргүзүлөт. Техникалык камсыздоону модернизациялоо жана телерадиопрограммаларды өндүрүү технологиясын жакшыртуу боюнча туруктуу иштерден тышкары, бул структура өз убагында жана тиешелүү деңгээлде санариптик берүүлөргө өтүү боюнча иш-чараларды жүзөгө ашыруу үчүн жоопкер.

Белгилүү болгондой, Кыргыз Республикасы дүйнөнүн 104 мамлекетинин катарында «Женева-2006» Аймактын макулдашууга кирген, бул макулдашуунун алкагында Санариптик берүүлөрдүн Аймактык Планы кабыл алынган. Ушул Планга ылайык Кыргызстан 2015-жылдын 17-июнуна карата телесигналдарды алып берүүнүн санариптик форматтагы системасына өтүүнү аякташы зарыл, андан кийин аналогдук берүүлөрдүн азыркы станцияларынын менчиктелген толкундары эл аралык-укуктук коргоо статусун жоготот.

Ушуга байланыштуу, Кыргыз Республикасындагы санариптик берүүлөргө өтүү Программасы бекитилген, ага ылайык КТРКнын телеканалдарынын саны үчкө чейин көбөймөкчү. Бул телеканалдар “Кыргызтелеком” ААКынын калк үчүн акысыз болгон социалдык пакетине киргизилет.

Жогоруда эскертилгендей, КТРКнын өнүгүү стартегиясынын негизги багыттарынын айрымдары катары санариптик телеүй-бүлөнү өнүктүрүү, 2015-жылга карата берүүнүн даярдыгы катары толкун ресурстарын кеңиртүү, ленталык өндүрүштү санарип жабдууларга алмаштыруу менен техникалык жактан камсыздоо жана сигнал берүүлөрдүн жаңы форматына ыңгайлаштыруу аныкталган, анын алкагында отчеттук мезгил ичинде төмөнкүлөр аткарылган:

- Бардыгы болуп 8 комплект Р2 форматындагы санариптик көчүп жүрүүчү видеокамералар колдонууга киргизилген, алардын ичинен 3 комплект “Замана” студиясы үчүн, 4 комплект редакциялар тарабынан жалпы колдонуу үчүн, 1 комплект “Кыргызтелефильм” КТФи үчүн.
- АПБ (С-120) аппараттыгында канал эфирин автоматташтыруу үчүн эки комплект компьютерлер (Airbox) ишке киргизилген. Эфирди тариздөө үчүн Titlebox. Airbox

жана Titlebox тейлөө үчүн нөөмөтчү режиссерлорду техникалык окутуу жана техминимум кабыл алуу жүргүзүлдү.

- Видеомонтаж үчүн 6 комплект компьютердик станциялар колдонууга киргизилди, алардын ичинен Ала-Тоо» - 1 комплект, «Дөөлөт» – 3 комплект, КТФ – 1 комплект жана 1 комплект эфир материалдарын санарип форматына өткөрүү үчүн орнотулган.
- 2012-жылдын 1-октябрынан тартып эфирге “Музыка” телеканалы чыккан, бул телеканал “Долон ТВ”, “Зор ТВ”, “Акнет” кабелдик түйүндөрүндө көрсөтөт, Ош шаарында жана анын тегерегиндеги райондордо “Кыргызтелекомдун” санариптик пакетине киргизилген (Баткен областы санариптик көрсөтүүлөр менен 95 пайызга камтылган). Музыкалык канал “Ынтымак” телерадиокомпаниясынын толкунунда көрсөтөт.
- Баткен жана Жалал-Абад областтарында «Миң кыял FM» радиосунун FM-өткөргүчтөрүн үзгүлтүксүз берүү үчүн 2 комплект UPS (үзгүлтүксүз азыктандыруу булагы) орнотулду.
- Радиоэфирди камсыз кылуу максатында 17 диктофон берилди, анын ичинде “Биринчи радио” үчүн – 10 даана, “Кыргыз радиосу” үчүн – 7 даана.
- Радио фондунун электрондук картотекасын жүргүзүү үчүн программалык камсыздоосу менен картотекага 3 комплект компьютерлер орнотулду.
- 2012-жыл ичинде инженердик-техникалык персоналдын квалификациясын жогорулатуу үчүн телевидение жана радио технологияларын өнүктүрүү боюнча “Skymax” фирмасынын жана “SONY” фирмасынын өкүлдөрүнүн катышуусу менен бир нече семинар өткөрүлдү.
- КТРК жана ТРТнын ортосундагы кэи тараптуу макулдашуунун алкагында РРТБнын үч цех башчылары Турциядагы TRT телеканалында бир жумалык стажировкадан жана тажрыйба алмашуудан өтүп келишти.
- 2012-жылдын август-сентябрь айларында JICA аркылуу алынган техникалык гранттын абалын окуп-үйрөнүү боюнча NHK компаниясынын адистери менен биргелешкен иштер жүргүзүлдү. Жыйынтыгында, 2012-жылдын 7-сентябрында «Мындан аркы кызматташуу жөнүндө» макулдукка кол коюлду.
- Архивдик материалды санариптик түргө өткөрүү боюнча иштер жасалууда (Кыргыз радиосунун жана телевидениесинин Алтын фонду).
- 2012-жыл ичинде РРТБнын адистери тарабынан эски аппараттык бөлмөлөрдү, телевиденинын студияларын кайра жабдуу жана 2013-2015-жылдарга карата жаңы түзүү боюнча сметалар жана долбоорлор түзүлгөн.

## 2012-жылдагы “Кыргызтелеком” ААКынын РПО РМТРи тарабынан берилүүчү КТРКнын телерадиосигналдарынын сапатын инспекциялоо боюнча жүргүзүлгөн иштер жөнүндө маалымат

**Телевидения боюнча**

2012-жылдын январынан декабрь айына чейинки мезгилде аналогдук телевизиондук өткөргүчтөрдө болгон **12** техникалык токтоп калуулар, өлчөөлөрдөн **30** жолу баш тартуулар табылган. Автоматтык телевизиондук ретрансляторлордун (АТР) иш жыйынтыктары боюнча бул ретрансляторлордун **497** жолу иштен чыгып калуусу такталган. Берүү каналдары боюнча техникалык токтоолор болгон эмес.

Санариптик өткөргүчтөрдүн ишинин натыйжалары боюнча **5** техникалык токтоп калуулар жана **5** санариптик ретрансляторлордун техникалык токтоп калуусу табылган.

РРСтеги электрэнергиясын өчүрүп салу себептеринен улам телевизиондук өткөргхчтөрдүн 89 техникалык токтоп калуучу катталган.

**Радиоберүүлөр боюнча**

2012-жылдын январынан декабрь айына чейинки мезгилде аналогдук өткөргүчтөрдө болгон **30** техникалык токтоп калуулар, берүү каналдары боюнча 3 техникалык токтоп калуулар, өлчөөлөрдөн **60** жолу баш тартуулар табылган. Спутниктик кабыл алуу түзүлүштөрүнүн (СКТ) ишинин натыйжасы боюнча **43** техникалык токтоолор табылган. Өткөргүчтөрдөгү узактыгы **813,61 саат (1,5 ай)** болгон, **81168,1 сом** өлчөмүндө жаза айып пул өндүрүлгөн эки авария катталган. Радиоберүүлөрдүн (РБ) АТР жана СКТларынын иштешинин натыйжалары боюнча 107 жолу узак мөөнөттүк техникалык токтоп калуулар табылган.

**Бул жогоруда көрсөтүлгөн техникалык токтоп калуулар жана “Кыргызтелекомдун” филиалы РПО РМТРден ижарага алынуучу техникалык каражаттардын брактары боюнча төлөөдөн дээрлик 400,0 миң сом алынып ташталган, үнөмдөлгөн акча каражаттары КТРКнын түнкү каналын тартуусуна төлөп берилген.**

Радиоберүүлөр өткөргүчтөрүнүн **23** даанасы **4 кВтдан 150 кВтга** чейинки кубаттуулуктагы СВ, КВ, УКВ диапазонунда тартышат, өткөргүчтөр физикалык түрдө жараксыз боло баштаган жана моралдык жактан эскирген.

2013-жылы «Кыргызтелеком» ААКынын филиалы РПО РМТР тарабынан 10 калктуу пункттардагы УКВ-диапазонундагы өткөргүчтөрдү FM диапазонунун өткөргүчтөрүнө алмаштыруу каралган.

Өткөргүчтөрдүн электрмагниттик талаасынын чыңалуусун биргелешип өлчөөлөрдүн жыйынтыктары жана «Кыргызтелеком» ААКынын филиалы РПО РМТРдин техникалык каражаттарын инспектордук текшерүүнүн натыйжалары боюнча, 2012-жылдын 4-июнунан 6-августуна чейин КТРКнын техникалык көзөмөл бөлүмү тарабынан «Кыргызтелеком» ААКынын филиалы РПО РМТРдин техникалык каражаттарынын канааттандыраарлык эмес ишинин: Баткен областында – **28 акты**, Ош областында – **22 акты**, Жалал-Абад областында – **7 акты** түзүлгөн.

Биргелешип өлчөөлөр жана инспектордук текшерүүлөрдүн маалында Баткен областынын Лейлек районунун Исфана шаарында кубаттуулугу **30Вт** болгон, өзбек телевидениесинин программаларын тартып жаткан АТР табылган, ошондой эле Баткен

областынын Лейлек районунун Бешкент айылдык округунда кубаттуулугу **10Вт** болгон, өзбек телевидениесинин программасын тартып жаткан АТРиштеп жаткан. Териштирүүлөрдү жүргүзгөн учурда ТУРМ -1дин директору С.С. Эрматовго 100 айлык эсептик көрсөткүч өлчөмүндө административдик жаза колдонулган. *Ошентип, КТРК өлкөнүн маалыматтык коопсуздугун сактоого өз салымын кошо алган.*

## V. Редакциялык саясат[15]

Тарыхта биринчи жолуөлкөнүн башкы телерадиосунда 2011-жылы коомдук телерадионун жалпы кабыл алынган ченемдерине негизделген редакциялык саясаттар кабыл алынган жана ишке киргизилген. Аларга ылайык Коомдук телерадиокорпорациясынын кызматкерлери медиа-контент өндүрүү боюнча өз ишинде төмөнкү редакциялык принциптерди жетекчиликке алышат:

**Коомдук кызыкчылык.** КТРК талдоону камтыган жана аудиториянын кызыкчылыктарын эске алуу менен теманы ачып бере алган коомдук маанилүү маалыматты берет. КТРКнын программалары эфирди коомдук дебаттарга сунуштоону кошо алганда медиа-керектөөчүлөрдүн укуктарына жана керектөөлөрүнүнө тийиштүү коомдук маанилүү темаларды чагылдырат. Олуттуулук жана коомдук кызыкчылык принциби аудиториянын ортосунда медиа-өлчөөлөрдү жүргүзүү жана аудитория менен кайтарым байланышты жүзөгө ашыруу жолдору менен аныкталат.

**Ккесипкөйлүк.** КТРК медиа-керектөөчүлөр тарабынан жана журналисттин кесиби менен белгиленген эң жогорку талаптарды канааттандырууга умтулуп, медиа-продукттун сапатынын жалпыга таанымал эл аралык стандарттарына жооп бере ала турган медиа-контентти өндүрөт жана чыгарат.

**Редакциялык көз карандысыздык.** КТРК мамлекеттик органдардын кызыкчылыктарынан жана жеке кызыкчылыктардан көз карандысыз. КТРКнын аудиториясы, КТРКнын мазмуну саясий дагы, коммерциялык да, жеке адамдардын да таасирине туш келбей тургандыгына бекем ишенимде боло алат.

**Обүективдүүлүк.** Маалыматтык жана аналитикалык талдоо программаларын өндүрүүдө КТРКнын кызматкерлери фактыларга жана тастыкталган маалымат булактарына негизделген маалыматтарды, фактылар менен түшүндүрмөлөрүн так чектеп сунушташат. КТРКнын кызматкерлери маалыматтык программаларында жеке пикирин беришпейт, айрым бир пикирди таңуулашпайт жана окуялар менен фактыларды аудиториянын кызыкчылыктарын эске алуу менен так чагылдырууга умтулушат.

**Так аныкталгандык жана кызыкчылыгы жок тактык менен кароо.** КТРК такталбаган, текшерилбеген же жалган маалыматты бербейт. Өтүп жаткан окуя тууралуу маалыматты берүү үчүн КТРКнын кызматкерлери фактыларды, маалымат булактарын текшеришет жана негизделбеген алып сатарлыктан качуу менен такталган маалыматты гана беришет. Маалымат топтоодо жана берүүдө КТРКнын кызматкерлери кызыкчылык менен карабоо принцибин карманышат, ал программанын мазмунунун бирин-бири

[15] Приложение 16 Редакционная политика

улантуусунан көрүнөт, бул бирдей чечимдерден жана окшош жагдайлардагы ар кандай кишилерге жана окуяларга карата мамиледен көрүнөт.

**Пикирлердин плюрализми.** КТРК айтылып жаткан тема үчүн мааниге ээ болгон пикирлердин диапазонун чагылдырган берүүлөрдү жүзөгө ашырат. КТРК маалыматтык жана аналитикалык талдоо программаларын даярдоодо, көз караштардын багытын жана чыр-чатактуулугуна талдоо берүү менен, акыйкаттыкка жана ачыктыкка, көз караштардын өтө маанилүүлөрүн берүүгө умтулат. Чыр-чатак же талаш маселелерди чагылдырууда КТРК талаш окуяларга катышып жаткан тараптарга өз пикирин жана позициясын айтып калууга мүмкүндүк берүүгө милдеттендирилет. Талаш маселелерге катышып жаткан бардык тараптар өз позицияларын билдирүү үчүн бирдей эфир убактысынан колдоно алышат.

**Темалардын ар түрдүүлүгү жана теңдештик принциби.** КТРК өлкөнүн бардык аймагында башка темаларга зыян алып келе тургандай айрым темаларга артыкчылык бербестен, бүткүл калктын кызыкчылыктарында, өлкөнүн этникалык, улуттук жана маданий ар түрдүүлүктөрүн эске алуу менен программалардын кеңири спектрин сунуштайт жана ар түрдүү темаларды чагылдырат.

**Аудиториянын алдындагы жоопкерчилик. К**ТРКнын кызматкерлери жана КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрү АТВ принциптерине ылайык өз милдеттерин аткарууда жана КТРКнын медиа-колдонуучулары менен кайтарым байланыш механизмдерин түзүүдө аудитория алдында жоопкерчиликти алып жүрүшөт. Медиа-колдонуучулардын ишеними КР Коомдук телерадиокорпорациясынын негизи болуп эсептелет.

# VI. Программалар сеткасы

Негизги көрсөткүчтөр – Көлөмдөр/Коомдук биринчи канал

КТРК телевидениесинин **I программасы** – “Коомдук биринчи канал”, эфирдеги жумалык көлөмү **жумасына 161 саат**, аналог толкундары боюнча күнү-түнү эфирде берилет. Мында өздүк өндүрүштөгү берүүлөр көлөмү берүүлөрдүн жалпы көлөмүнүн 56% чегинде болот. Алардын ичинен 15 пайызга жакынын кайталоолор түзөт.


КТРК телевидениесинин **II программа** – “Музыка” эфирде ZOR TV, AK Net, жана Dolon TV кабелдик түйүндөрү боюнча, ошондой эле санарип пакетинде Баткен жана Ош областтары боюнча, ошондой эле Ош шаарында жана анын тегерегиндеги райондордо “Ынтымак” ТРКсынын толкунунда аналогдук сигнал боюнча жумалык көлөмү **жумасына 168 саат** болуп берилет.

*7-таб.*

*Төмөнкү таблицада отчеттук мезгил ичинде бир орточо жумада “Коомдук биринчи каналдын” өздүк жана башка берүүлөрүнүн көлөмү боюнча маалыматтар келтирилген*

| **Коомдук биринчи канал** | | **Сааттары** | **Минуталары** | **Үлүшү** |
|---|---|---|---|---|
| Өздүк өндүрүштөгү берүүлөрүнүн көлөмү | | **91** | 5465 | **56,5%** |
| Башка продакшн студиялардын берүүлөрүнүн көлөмү | | **7** | 415 | **4,3%** |
| Пост-өндүрүштүн продукциясынын көлөмү | Котормолор/дублдары | **10** | 610 | **6,3%** |
| Кинопродукция жана мультфильмдер | | **41** | 2467 | **25,5%** |
| Жарнама жана өздүк промо, эфирдин толтурулушу | | **12** | 714 | **7,4%** |
| | **БАРДЫГЫ** | **161** | **9681** | **100%** |

*3-диаграмма. Өздүк жана башка берүүлөрдүн көлөмү боюнча көрсөткүчтөр*



**Берүүлөрдүн тилдери боюнча маалыматтар:**

Кыргыз Республикасынын “Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясы жөнүндө” мыйзамына ылайык “телерадиоберүүлөрдүн бардык көлөмүнүн 50 пайызынан ашыгын мамлекеттик тилде жүзөгө ашыруу жөнүндө” пункту аткарылууда.

Коомдук биринчи каналда бардык берүүлөрдүн 78% кыргыз тилинде жүргүзүлөт. 22: - орус тилинде берилет.

Коомдук биринчи каналдын жанрдык ар түрдүүлүгү

Коомдук биринчи каналдын берүүлөр сеткасы ар түрдүү жанрдагы берүүлөрдүн 80ден ашык аталышын караштырат.

Эфир убактысынын көпчүлүк бөлүгүн дээрлик 31% болгон фильмдик жана анимациялык продукция түзөт, анын ичинде пост-өндүрүштүк продукция, б.а. которулган фильмдер жана мультфильмдер.

Мында котормо бөлүмүнүн продукциясы жумалык эфирдин 6 пайызына жакынын түзөт, убакыттык туюнтулушта бул продукция жумасына 10 саатка барабар.

Чоңдугу боюнча экинчи позицияны (19%дан ашык) маалыматтык программалар блогу ээлейт, алардын 16%га жакынын Ала-Тоо ДМПнын жаңылыктар программасы түзөт (жумасына 25 саат), алардын 5,7% - кайталоодогу жаңылыктар (түнкү чыгарылыштары). Берүүлөр сеткасында жаңылыктар ортосундагы аралык убакыт минимум катары 2 саатты түзөт.

КТРКнын каналдарынын берүүлөр сеткасы төмөнкү жанрлардагы берүүлөрдү түшүндүрөт: таанып-билүүчү, балдардын билим берүүчү, маданий, спорт берүүлөрү, музыкалык-көңүл ачуучу жана социалдык-экономикалык берүүлөр.

Негизги көрсөткүчтөр – Көлөмдөр/КТРКнын радиоканалдары[16]

КТРКнын курамында 3 сегменттелген, форматтык радиоканалдар бар, алардын ар бири өзүнүн аудиториясына арналган:

1. Биринчи Радио – Маалыматтык радио. Эфирдин негизин актуалдуу маалымат түзүп турат.
2. Кыргыз радиосу – Маданий-агартуучу радио.
3. Миң-Кыял FM – Музыкалык жаштар аудиториясына арналган радиостанция.

*8-таб.*


*Төмөндөгү таблицада отчеттук мезгил ичиндеги, орточо бир жумада КТРКнын радиоканалдарынын өздүк жана башка берүүлөрүнүн көлөмү боюнча маалыматтар келтирилген*

| КТРКнын Радиоканалдарынын өздүк жана башка өндүрүштөгү берүүлөрүнүн үлүшү | Биринчи Радио | Кыргыз Радиосу | Миң-Кыял FM |
|---|---|---|---|
| **Каналдын берүүлөрүнүн жалпы көлөмүнөн пайыздар** | | | |

[16] 12,13,14-тиркемелер. 2012-жылдагы КТРКнын радиоканалдарынын берүүлөр сеткасы.

| | | | |
|---|---|---|---|
| Өздүк өндүрүштөгү программалар | 55% | 82% | 32% |
| Ретрансляциялоонун жана башка продакшн студиялардын программалары | 29% | 5% | 3% |
| Башка продукция (музыка, жарнак, промо-анонстор) | 16% | 13% | 65% |
| **Өздүк программанын жалпы көлөмүнөн пайыздар** | | | |
| Мамлекеттик тилдеги программалар | 76% | 100% | 100% |

*4-диаграмма отчеттук мезгил ичиндеги орточо алынган бир жума үчүн КТРКнын радиоканалдарынын өздүк жана башка берүүлөрүнүн көлөмү боюнча*



# Аудиториянын керектөөлөрүн аныктоо боюнча кабыл алынган иш-чаралар жөнүндө маалыматтар: коомчулук менен жолугушуу, фокус топтор, кайрылуулар жана даттануулар жана алардын жыйынтыктарынын негизинде берүүлөр сеткасына өзгөртүүлөрдү киргизүү

**Коомчулук менен жолугушуулар**

Коомчулуктун пикирин жана анын керектөөлөрүн "бетме-бет" форматында изилдөө максатында, КТРКнын демилгеси жана донорлордун колдоосунун алдында өлкөнүн аймактарында жана Бишкек шаарында коомчулук менен бир катар жолугушуулар өткөрүлгөн. 2012-жылдын сентябрь айынан декабрь айына чейин **коомчулук менен аймактарда жана Бишкек шаарында 550 адамдан ашык катышуучулар менен 10 жолугушуу өткөрүлгөн.** Изилдөөнүн бул түрү аудиториянын суроо-талаптарын бетме-бет туруп сүйлөшүү менен изилдөөгө тереңирээк жакындоого жардам берет, атап айтсак: коомдун ар кыл катмарынын керектөөлөрүн, даярдалып жаткан продукттун күчтүү жана алсыз жактарын тактоо жана контентти өркүндөтүү боюнча сунуштарды угуу. Коомдук мониторингдөөнүн бул механизми коомдук берүүлөр миссиясына – "коом тарабынан контентти түптөөгө" так шайкеш келет.

Изилдөөлөр, Байкоочу кеңештин мүчөлөрүнүн, КТРКнын менеджментинин өкүлдөрүнүн жана коомчулуктун ар түрдүү социалдык статустагы жана жыныс, жаштагы топторунун катышуучуларынын катышуусу эффектин эске алуу менен, жетиштүү деңгээлде натыйжалуу.

**Фокус-топтук изилдөөлөр:**

Фокус-топтук изилдөөлөрдүн негизинде коомдук пикирди мониторингден өткөрүү 2012-жылдын октябрь айында Интерньюс Нетуорктун "Кыргызстандагы коомдук берүүнү реформалоого колдоо көрсөтүү" долбоорун жүзөгө ашыруунун алкагында, КТРКнын контентинин аудитория тарабынан кабыл алынуусун изилдөө үчүн жүргүзүлгөн. Изилдөө донорлордун каржылык көмөгү менен «М-Вектор» компаниясы тарабынан жүргүзүлгөн. Изилдөөнүн жыйынтыктары боюнча КТРКнын оң жана терс жактары, каналдын көрүүчүсүнүн портрети, контенттин кызыктырган түрү ж.б.лар аныкталган.

*9-таб. Ар түрдүү категориялардагы көрүүчүлөр аудиториясынын маалыматтык кызыкчылыктарынын эфирде көрсөтүлүшүн камсыздоо үчүн, КТРКнын ТБ жана РБ каналдарынын берүүлөрүнүн сеткасын программалоодо төмөнкү иш-чаралар кабыл алынган:*

| Коомчулук менен жолугушуу маалында айтылган керектөөлөр | Берүүлөр сеткасын өзгөртүү боюнча кабыл алынган чаралар |
|---|---|
| Аймактардын жашоосу жетишсиз деңгээлде чагылдырылат: аймактардагы көйгөй маселелер жана аларды чечүү жолдору. Аймактардын жаңылыктары ыкчам эмес жана толук берилбейт. | **ТБ берүүлөр сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>– “Ала-Тоо” программасынын блокторунда күн сайын берилүүчү жаңы аймактык жаңылыктар рубрикасы пайда болду.<br>– СЭИП бөлүмүнүн базасындажаңы дайыма бериле турган, аймактардагы жашоону жана көйгөй маселелерди чагылдыра турган бөрүүнү иштеп чыгуу жүрүүдө.<br>– 2012-жылдан тартыпжумасына 6 күн бою областтык ТРК берүүлөрүн тартуу жүргүзүлүүдө<br>– Эфирге жумасына 1 жолу “Аймакты көздөй” берүүсү чыгууда<br>**Радио сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- Эфирге “Эл турмушу” (аймактардагы турмуш) берүүсү чыкты.<br>-“Жаңылыктар”(аймактык корреспонденттер күн сайын өз аймагынан жаңылыктарды берип турушат)<br>- Эфирге “Асылзат” берүүсү чыга баштады (айыл аялзаттарынын турмушу). |
| Жаштар үчүн берүүлөр дээрлик жокко эсе. Таанып-билүү жана билим берүү мүнөзүндөгү берүүлөр. Жаштардын жан дилин бийлей ала турган, пайдалуу мааниси жана көңүл ачуу элементтери бар берүүлөр | **ТБ сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- Эфирге “Акыл Ордо” балдар таанып-билүү берүүсү кайрадан чыга баштады. “Тамашоу”, “Большие люди” көңүл ачуучу берүүлөрү чыгууда.<br>- Эфирге “Дебаты открытого общества”, “Илим жана Турмуш” жана “Манас Таануу” таанып-билүүчү берүүлөрү чыгарылууда.<br>**Радио сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- “Акыл жаштан” (жаштар радиодебаттары)<br>- “Жоокер” армиядагы кызмат жөнүндө таанып-билүүчү берүүсү<br>- “Образование для всех”<br>- “Жаштар сунуштайт” – балдар жана жаштар берүүсү |

| | |
|---|---|
| Жашоонун сергек образына жана спортко үгүттөө боюнча берүүлөр дагы дээрлик жокко эсе же жок. Туруктуу берилген спорттук берүүлөр жок. Каналда спорт абдан аз. | **ТБ сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- Футбол, бильярд, Олимпиада оюндары боюнча дүйнөлүк жана жергиликтүү чемпионаттарды көрсөтүү, Республикалык эл аралык спартакаиадалардан, Улуттук оюндар ж.б. боюнча көрсөтүүлөрдөн алып берүү.<br>- “Чилденин чилтендери” жана “Деңиз жылдыздары” берүүлөрү пайда болду.<br>- “Ала-Тоодо” жаңы спорттук рубрика пайда болду (күн сайын),<br>- “Спортивная мозаика”, “Спорт дүйнө” аталышындагы жаңы берүүлөр пайда болду.<br>**Радио сеткаларындагы өзгөрүүлөр:** – “Спорт жумалыгы” – Спорттук иш-чаралар тууралуу маалымат.<br>-“Күндүн темасы” – ай сайын бир берүү спортко арналат. |
| Улууларды урматтоону чагылдыруучу берүүлөрдү түзүүнүн зарылдыгы. Улуулардын жана ийгиликтүү адамдардын тажрыйбасынын үлгүлүү жактарын көбүрөөк көрсөтүү. Улуулар жөнүндө портреттик программалар. | **ТБ сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- эфирге “Бейне” портреттик программасы, “Авангард”, “Улутман” жана “Өмүр сызыгы” берүүлөрү – КРдеги белгилүү адамдар тууралуу.<br>**Радио сеткаларындагы өзгөрүүлөр:**<br>- “Инсанат”берүүсү.<br>– “Туура сөз” (Туура сүйлөөгө багыттоо, ар бир сөздү талкуулоо)<br>– “Бейне” (Чыгаан инсандар тууралуу толук сүрөттөө берүү). |
| Маданияттын жана салт-санаанын, адаттардын аларды таркатуу максатындагы өзгөчөлүктөрүн чагылдыруучу маданий-агартуучу программалар аз. Маданий-агартуучу берүүлөрдү көрсөтүүдө, угузууда сериялуулук жана кайтаруучулук жок. | **ТБ сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- Эфирге кыргыз ырдоомаданиятын чагылдыруучу “Кыз жигиттин Сармердени”, “Ыр-кесе”, “Кош-жылдыз”, “Кино сереп”, “Кино майдан”, “Улуттун сыймыгы” ж.б. берүүлөр чыгарылууда. |
| Эл аралык жаңылыктардын жоктугу же биздин өз корреспонденттерибиз менен стендаптардагы видеосюжеттердин өтө аз болушу. Ар кайсы мамлекеттер, алардын маданий ар түрдүүлүгү тууралуу берүүлөр, географиялык берүүлөр жок | **Радио сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- BBC менен эл аралык окуялар боюнча 10 минуталык сюжеттерди күн сайын алып турууга макулдашууга жетиштик.<br>- “Ала-Тоо” блокторундагы эл аралык жаңылыктар рубрикасы (күн сайын) |

| | |
|---|---|
| Берүүлөрдө, ток шоулардагы талаш-тартыштарда саясат өтө эле көп. Саясатчылар жана алардын чыр-чатагы тууралуу берүүлөр өтө көп. Аналитикалык талдоо программалары ачлып берилбейт, жоопсуз калат, белгиленген суроолорго кайталап көңүл бурулбайт, талаш-тартыштардын жана эфирдеги саясатчылардын жана чиновниктердин убадаларынын жыйынтыктарына изилдөөлөр жок. Бул программалардагы фидбек өтө минималдуу. | **ТБ сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- Сын-пикирлерлен улам, 2012-жылда сеткадан төмөнкү берүүлөр алынып салынды: “Свободный микрофон”, “Эркин микрофон”, “Акцент”, “Эл билгиси келет”, “Народ хочет знать”. |
| Социалдык багыттагы берүүлөр жок. Социалдык көйгөйлөргө, ТКЧ көйгөйлөрүнө көңүл бурулбайт: пайдалуу кеңештери, таза тамак-аш жана сергек жашоо образы тууралуу кеңештери бар медициналык берүүлөр аз. Билим берүү маселелерин чагылдырган берүүлөр жок. | **ТБ сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- 2012-жылдын акырында  жаңы социалдык ток-шоулар “Ой Ордо” жана “ЖКХ” берүүлөрү иштелип чыкты. Эфирге 2013-жылдын башталышында, март айында чыгарылмакчы. |
| Үй кызматындагы айымдарга арналган таңкы убактардагы кызыктуу берүүлөр же сериалдар жок. Жаңы жаңылыктар берилбейт. | **ТБ сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- Айтылган пикирди эске алуу менен “Ала-Тоонун” таңкы жаңылыктар блогунда саат 9:00дө түз эфирде жаңы жаңылыктар чыгарылат.<br>- Азыркы күндө эфирге телесериалдар жана айымдар үчүн теленовеллалар чыгарылууда. |
| Көңүл ачуучу берүүлөр | **ТБ сеткасындагы өзгөрүүлөр:**<br>- “Тамашоу”, “Большие люди” берүүлөрү көрсөтүүгө чыгарылууда. |

## 2012-жылдагы КТРКнын жаңы теледолбоорлору жөнүндө маалымат

<u>2012-жыл төмөнкүдөй жаңы эфирдик долбоорлорго бай болду</u>

- «Аалам сырлары», коомдо өтө күчтүү талкуулоолорду жана талаш-тартыштарды пайда кылган, бирок ошол убакта эле 2012-жылдагы өтө рейтинги жогору долбоор болуп калган.
- «Кыз жигиттин Сармердени» - музыкалдык долбоор, кыргыз элинин фольклордук ыр салттарына негизделген
- “Түнкү канал” – түнкү көрүүчүгө арналган көңүл ачуу блогу
- “Замана” таңкы берүүсү берүүлөрүнүн курамындаг өзгөрүүлөрдөн кийин “С-Вектор” компаниясынын изилдөөлөрүнө ылайык, өлкөбүздөгү эң рейтинги жогору таңкы берүүлөрдөн болуп калды.
- СЭИП бөлүмү тараптан өндүрүлүүчү 40 бөрүүнүн ичинен 20дан ашыгы масштабы кененирээк, 2013-жылдын март айынан тартып эфирге чыгарыла турган “Ой-Ордо” жана “ЖКХ” долбоорлорун жүзөгө ашыруу максатында, отчеттук жылы кыскартылган.
- Көңүл ачуу мүнөзүндөгү «ТВ-Бар» жаштар долбоорлору.
- Этникалык аз калктардын «Достук» программасы эфирге чыгарыла баштады.
- Балдар жана мектеп окуучулары үчүн «Акыл Ордо» таанып-билүү жана көңүл ачуу программасы кайрадан иштей баштады.

<u>КТРК 2012-жылы өз көрүүчүлөрүнө өтө ар түрдүү дүйнөлүк деңгээлдеги спорттук жана музыкалык окуяларды көрүү мүмкүндүгүн берүүнү улантты:</u>

- Лондондогу XXX Олимпиада оюндары
- Азербайжанда өткөрүлгөн “Евровидение 2012” ыр-музыкалык сынагы
- Түрк тилдүү мамлекеттердин “Евразия жылдызы” аталышындагы биринчи ыр сынагын түрк тилдүү 6 мамлекеттен алып көрсөтүү.
- Түз эфирдеги билүярд боюнча дүйнөнүн чемпионатын көрсөтүү.
- Футбол жана хоккей матчтарын көрсөтүү, улуттук оюн “Улак тартышты” түз алып көрсөтүү ж.б.
- “Ысык-Көл 2012”ыр сынак-фестивалы

## Тышкы өндүрүүчүлөрдүн программаларынын тизмеги

Төмөнкү башка продакш студиялардын берүүлөрү КТРКнын теле- жана радиоканалдарында отчеттук мезгил ичинде эки тараптуу келишимдердин негизинде жайгаштырылган:

**1. Британиянын “BBC” берүүлөр корпорациясы**

<u>“Коомдук биринчи канал”</u>: “Сапар” программасы (дүйнөлүк процесстер боюнча талдоо жүргүзүү) Эфирге айына 1 жолу чыгат, узактыгы – 20 мин.

“<u>Биринчи радио</u>”- күнүнө 2 жолу.Бир күн үчүн хронометражы = 1 саат

“<u>Миң-Кыял ФМ</u>”- жумуш күндөрү 2 жолудан. Ишемби күнү 1 жолу. Чыгарылыштын хронометражы =30 минута.

**2. «Доормедиа» коомдук фонду:**

<u>“Коомдук биринчи канал”</u>:

– Аналитикалык «Сынак» ТБ программасы. Эфирде жума күндөрү кыргыз тилинде өтөт, 20 минут.

– ТБ жаңылыктары менен алмашуу боюнча «Доор» программасы. Жумасына бир жолу 20 минутадан.

– «Биз жашаган өлкө», «Страна, в которой мы живем». Дүйшөмбү күндөрү орус жана кыргыз тилдеринде кезектешип чыгарылат, 20 минут.

– «Дембе-дем» жаштар маалыматтык ТБ программасы. Эфирде ишемби күндөрү кыргыз тилинде, 20 минут.

**3. «Азаттык»:**

<u>“Коомдук биринчи канал”</u>:

– «Азаттык +» жаштар маалыматтык ТБ программасы. Эфирде ар бир дүйшөмбү кыргыз тилинде 30 минутадан.

– «Ыңгайсыз суроолор» ТБ дебаттары. Шейшемби күндөрү кыргыз тилинде 30 минутадан.

“<u>Биринчи радио</u>” - күнүнө 2 жолудан. Бир күндөгү хронометражы = 3 саат.

**4. Улуттук Демократиялык институт (NDI)**

– «Жаңы башат» ТБ дебаттары. Шейшемби күндөрү кыргыз жана орус тилдеринде 40 минутадан (кезектешип).

**5. «Юнисеф» БУУнун балдар программасы**

- **“**Китеп дүйнөсүнө саякат”

– Балдар анимациялык ТБ «Керемет көч» программасы. Эфирде күн сайын дүйшөмбүдөн жумага чейин кыргыз тилинде 15 минутадан.

**6. «X-media» студиясы—**

– «Press-инфо» күн сайын берилүүчү 5 минуталык программа.

**7. Интерньюс Нетуорк. Кыргызстан**

“Аймакты көздөй” берүүсү – кыргызстандыктардын айылдагы турмушун чагылдырат. Сүрөттөп берүүчү программа. Чыгарылышы – жумасына бир жолу.

**8. Областтык МТРК: (ЖТРК, Сары-Өзөн, Нарын ТВ, Ысык-Көл ТВ, Талас ТВ жана Баткен ТВ)**

Областтык телестудиялардын аймактык жаңылыктары жумасына 6 күн бою 20 минутадан

**9. Кытай Элдик Республикасынын Радио жана теле берүүлөрдү башкаруучулар кеңеши (РТБК):**

Кыргыз тилиндеги “Кытай терезеси” берүүсү.

“Биринчи радио”- Эфирде күнүнө 1 жолу. Хронометражы 1 саат.

“Кыргыз радиосу”- Эфирде күнүнө 1 жолу. Хронометражы 1 саат.

**10. КР Жогорку Кеңешинин Иштер башкармалыгы**

“Парламент” берүүсү - 40 минута ,

Парламентаризм сабактары берүүсү - 15 минута

КР Жогорку Кеңешинин отурумдарын Биринчи Радиодо угузуу

**11. “Институт новых медиа”**

Ишемби күндөрү 30 минутадан “Чекит KG” берүүсү

**12. “Креативная студия АРС” КФи**

“Тамашоу” көңүл ачуу берүүсү

**13. KG Club Production**

“Большие Люди” көңүл ачуу берүүсү.

**14. “Илим жана Турмуш” таанып-билүү программасы**

**15. Кыргыз Республикасынын Улуттук банкы**

“Национальный банк сообщает” берүүсү

# VII . Керектөөчүлөрдүн даттануулары жөнүндө маалыматтар

Коомдук берүүлөрдүн принциптеринин башкыларынын бири болуп өз керектөөчүлөрү менен кайтарым байланыштын мүмкүн болушу эсептелет. Дал ошондуктан КТРКда телекөрүүчүлөрдөн жана радиоугуучулардан атайын түзүлгөн кызматтар аркылуу даттанууларды жана сунуштарды кабыл алуу системасы караштырылган: КТРКнын коомдук каблы алуусу жана КТРКнын Редакциялык кеңешчиси. Даттануулар жана сунуштар почта аркылуу, телефон аркылуу, Интернет аркылуу келип түшүшү мүмкүн.

**Редакциялык кеңеш:**

Отчеттуулук мезгилде **КТРКнын Редакциялык кеңешчисине болгону 165 арыз келип түшкөн.**

Алардын ичинен оозеки түрдө: 138 (телефон боюнча, тике кайрылуу), интернет боюнча: 15, кат жүзүндө: 12.

Алардын ар бири боюнча тиешелүү иш-чаралар жүргүзүлүп, отчеттор берилген.

**Коомчулук менен жолугушуулар:**

2012-жылдын сентябрь айынан декабрь айына чейин 500 адамдан ашык көрүүчү катышкан коомчулук менен 10 жолугушуу өлкөнүн бардык аймактарында өткөрүлгөн:

- Ушул эле убакта коомчулуктун жана жарандык сектордун 530 өкүлү, оозеки кайрылуулары, даттануулары жана сунуштары менен Башкы директордун кабыл алуусунда болгон.

**Коомдук кабылдама:**

Отчеттук мезгил ичинде **Коомдук кабылдамага бардыгы 585 кайрылуу түшкөн**: Алардын ичинен 86сы КТРКнын телерадиоберүүлөрүнүн тематикалык мазмуну боюнча, 27 по телерадиоберүүлөрдүн сапаты боюнча, 2 даттануу телерадиопрограммалардын сапатына даттануулар, 14 кайрылуу жаңы телерадиодолбоорлор жөнүндө идеялары менен, 21 акысыз жарнакка орун берүү өтүнүчү менен, 72 сот жана укук коргоо органдарына алардын мыйзамсыз аракеттерине карата даттануулар менен жана калгандары башка маселелер боюнча.

**Кат-кабарлар**

2012-жылдын январынан декабрь айына чейин коомчулуктан, бейөкмөт жана мамлекеттик уюмдардан **телерадиоберүүлөрдүн тематикалык мазмунунун маселелери боюнча 485 кат келип түшкөн жана иштелип чыккан.** Ошондой эле 78 өкмөттүк кат келген.

# VIII. Финансылык-экономикалык көрсөткүчтөр жөнүндө маалыматтар

Каналдын каржыланышы каналдын жетекчилиги үчүн башкы багыттардын бири болгон жана башкы бойдон калууда. КТРК салт болуп калгандай, башка министрликтер жана ведомстволор сыяктуу эле республикалык бюджеттен каржыланат. Акыркы жылдары республикалык бюджеттин киреше бөлүгү жогорулоодо, бирок бул КТРКга каржы каражаттарын бөлүү көлөмүндө эч чагылдырылбай келет. Кыргыз Республикасынын мамлекеттик бюджетинде КТРКны бюджеттөө үлүшү жыл санап кыскарууда: 2010-жылы – өлкөнүн жалпы бюджетинин 0,66%, 2011-жылы – 054%, ал эми 2012-жылдагы бюджеттин аткарылышы болгону республикалык бюджеттин чыгаша бөлүгүнүн 0,40% гана.

Корпорациянын бюджетинин киреше бөлүгү 492,9 млн. сомду түзөт, анын ичинде республикалык бюджет 0 400,5 млн. сом, башка келип түшүүлөр – 92,4 млн. сом – канал жарнама ишмердиинин жана кызмат көрсөтүүлөрдүн эсебинен иштеп тапкан каражаттар. Белгилей кетүү керек, 2012-жылы бюджеттик киреше бөлүгүн өз булактардан жогорулатуу үчүн шарт түзүлгөн эле. Бул кыргыз элинин музыкалык чыгармаларынын «Залкар Күүлөрү» жыйнагын чыгаруу, жарнама таркатыла тургандыгы караштырылган музыкалык каналды ишке киргизүү, СМС кирешелер системасын өнүктүрүү, “Миң Кыял” радиосунда берүүлөрдү таркатуу чөйрөсүн кеңейтүүгө байланыштуу жарнактарды көбөйтүү мүмкүндүгү.

2012-жылдын жыйынтыктары боюнча төмөнкүдөй финансылык көрсөткүчтөр түптөлгөн.

*10-таб.*

миң сом

| | **01.01.2012-жылга карата** | **31.12.2012-жылга карата** |
|---|---|---|
| АКТИВДЕР | | |
| *Узак мөөнөттүү активдер* | | |
| Негизги каражаттар | 285 135,20 | 187 367,00 |
| Башка материалдык эмес активдер | 17 012,00 | 17 274,50 |
| **Жыйынтыгында узак мөөнөттүү активдер** | ***302 147,20*** | ***204 641,50*** |
| *Кыска мөөнөттүү активдер* | 0,00 | 0,00 |
| Запастар | 10 457,60 | 9 480,30 |
| Сатып алуучулардын дебитордук карызы | *31 319,50* | *11 197,30* |
| Жана башка дебитордук карыздар | 9 126,20 | 8 996,10 |
| Башка финансылык активдер | 12,00 | 12,00 |
| Утурумдук салык милдеттенмелери | *5 196,00* | *1 291,20* |
| Жана башка активдер | 6 722,70 | 3 961,80 |
| Кассадагы жана банктагы акча каражаттары | 6 602,70 | 18 508,50 |
| **Жыйынтыгында кыска мөөнөттүү активдер** | ***69 436,70*** | ***53 447,20*** |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА АКТИВДЕР** | **371 583,90** | **258 088,70** |
| | 0,00 | 0,00 |

| | | |
|---|---|---|
| КАПИТАЛ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР | *0,00* | *0,00* |
| *Капитал жана камдар ( резервдер)* | 0,00 | 0,00 |
| Уставдык  капитал | 112 078,00 | 112 078,00 |
| Камдар (Резервдер) | *0,00* | *0,00* |
| Бөлүштүрүлбөгөн пайда | 35 878,40 | 40 345,70 |
| **Жыйынтыгында капитал** | ***147 956,40*** | ***152 423,70*** |
| *Узак мөөнөттүү милдеттенмелер* | *0,00* | *0,00* |
| Кийинкиге калтырылган салыктык милдеттенмелер | 4 876,40 | 4 314,10 |
| Жана башка милдеттенмелер | 33 010,60 | 33 010,60 |
| Активдердин таза наркы (бюджет) | *160 516,70* | *25 997,70* |
| **Жыйынтыгында узак мөөнөттүү милдеттенмелер** | ***198 403,70*** | ***63 322,40*** |
| *Кыска мөөнөттүү милдеттенмелер* | 0,00 | 0,00 |
| Соода-сатык жана башка кредитордук карыздар | *15 216,40* | *31 115,70* |
| Жана башка финансылык милдеттенмелер | 1 954,00 | 1 455,20 |
| Утурумдук салык милдеттенмелери | 931,60 | 731,00 |
| Жана башка милдеттенмелер | *7 121,80* | *9 040,60* |
| **Жыйынтыгында кыска мөөнөттүү милдеттенмелер** | ***25 223,80*** | ***42 342,50*** |
| | 0,00 | 0,00 |
| **ЖЫЙЫНТЫГЫНДА КАПИТАЛ ЖАНА МИЛДЕТТЕНМЕЛЕР** | **371 583,90** | **258 088,60** |

## Артыкчылык берилген багыттардагы иштердин негизги жыйынтыктары жөнүндө маалымат

Корпорациянын активдеринин баланстык наркы отчеттук жылда 1,44 эсеге азайган жана 258 088,7 миң сомду түзгөн. Бул моралдык жактан жарактуу болбой калышы жана пайдалуу колдонуу мөөнөтү өзгөргөндүгүнө байланыштуу негизги каражаттарга амортизацияны жеткире чегерүү жүргүзүлгөндүгүнө байланышта болгон.

Материалдык эмес активдерге келечекте экономикалык пайда алып келүүгө мүмкүнчүлүгү бар обүектилер кирет, алсак, узак мөөнөткө пайдаланууга арналган обүектилер. Материалдык эмес активдердин баштапкы наркы 262,0 миң сомго жогорулаган жана 17 274,5 миң сомду түзгөн.

Сатып алуучулардын дебитордук карыздары отчеттук мезгил ичинде 2,8 эсеге азайган жана 2012-жылдын 31-декабрына карата 11 197,3 миң сомду түзгөн.

Банктардагы эсептерге жана кассаларга 2012-жылдын акырына карата 17 508,5 миң сом жыйналган.

Кыска мөөнөттүү кредитордук карыз отчеттук мезгил ичинде көбөйгөн жана 2012-жылдын 31-декабрына карата 31 115,7 миң сомду түзгөн, бул негизинен ташып жеткирүүчүлөр жана жумуш аткаруучулардын карызынын көбөйгөндүгүнүн эсебинен

болгон. Кредитордук карздын пайда болу себеби – теле- жана радиопрограммаларды түзүүнүн мөөнөттөрүнүн олуттуу болушунан улам узак мөөнөткө каражаттарды салуну талап кылган телевизиондук өндүрүштүн өзгөчөлүгүнө байланыштуу жүгүртүү каражаттарынын жетишсиздиги.

Кызмат көрсөтүүлөрдү жүзөгө ашыруудан түшкөн табылган акчалардын жалпы көлөмү 2011-жылга салыштырмалуу 3,8%га көбөйгөн жана 92 404,0 миң сомду түзгөн, анын ичинде түрлөрү боюнча:

*11-таб.*

миң сом

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Отчеттук мезгил ичинде | Өткөн мезгил ичинде |
|---|---|---|
| Жарнама | 55 243,20 | 53 249,60 |
| анын ичинде саясий жарнама | | |
| Эфир убактысы | 33 371,80 | 29 675,10 |
| Жабдууларды жана имараттарды ижаралоо | 1 400,30 | 2 708,50 |
| Түз сызык жарнагы (бегущая строка) | 358,7 | 280 |
| Арноо-концерти | 958,6 | 875 |
| Берүүлөр программалары | 621,5 | 536,8 |
| Жана башкалар | 449,9 | 1 679,80 |
| **Жыйынтыгында өздүк каражаттар** | **92 404,00** | **89 004,80** |

Продукциянын өздүк наркы – 480 963 миң сомду түзгөн, булл өткөн жылдын чыгашаларынан 4 % га жогору:

*12-таб.*

миң сом

| Көрсөткүчтөрдүн аталышы | Отчеттук мезгил ичинде | Өткөн мезгил ичинде |
|---|---|---|
| Көмөкчү чыгашалар | 85 256,60 | 84 610,90 |
| Салыктар | 24 501,00 | 25 378,50 |
| **Чыгашалар, бардыгы** | **480 963,00** | **461 871,00** |

КТРКнын 2012-жылдагы бюджетинин түзүлүшү кирешелер жана чыгашалар беренелери боюнча төмөнкүдөй:

*13-таб.*

миң сом

| | |
|---|---|
| **Кирешелер** | |
| Бюджеттен каржылоо | 400 464 |
| Жана башка келип түшүүлөр | 92 404 |
| *Жыйынтыгында* | 492 868 |
| **Чыгашалар** | |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 213 418 |
| Эмгек акы | 164 228 |
| Социалдык фондго төлөмдөр | 27 630 |

| | |
|---|---|
| Жана башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 21 504 |
| Жана башка салыктар | 19 372 |
| Запастарды сатып алуу | 17 889 |
| Негизги каражаттарды сатып алуу | 9 166 |
| Атайын каражаттарга салынган салык | 5 129 |
| Кызматтык жол жүрүүлөр | 2 412 |
| Транспорттук кызмат көрсөтүүлөр | 215 |
| *Жыйынтыгында* | 480 963 |
| Жыл башына карата акча каражаттары | 6 625 |
| Жыл акырына карата акча каражаттары | 18 530 |

** Финансылык отчеттордо 2012-жылга карата маалыматтардын такталбагандыгына байланыштуу "Первый канал. Кыргызстан" ЖЧКсынын отчету консолидацияланган эмес. Учурда эсепке алууну калыбына келтирүүжүрүп жатат, мындан кийин аудит жүргүзүлөт. Кийинчерээк финансылык отчеттуулук жана ушул компаниянын аудитинин жыйынтыктары берилет.*

*5-диаграмма*



*6-диаграмма*




Эл аралык өнөктөштөр менен жетишилген макулдашуулардан улам, КТРК спутник аркылуу көптөгөн мамлекеттик иш-чараларды, ошондой эле олуттуу окуяларды – Мамлекеттик желек күнүн, Ноорузду, Монголиянын президентинин Кыргызстанга визитин, Турциянын премьер-министри менен жолугушууну, Ош окуясын эскерүү митингин, Аксыдагы мемориалдык тактанын ачылышын, шайлоолорду, ШОС өкмөт башчыларынын Кеңешинин отурумун, Бишкек-Анкара-Баку телемостун, бильярд боюнча дүйнөнүн чемпионатын, футболду, Айт-Намазды көрсөтүү мүмкүндүгүн ала алган. **Мамлекеттик каражаттарды үнөмдөө дээрлик 1,0 млн.сомду түзгөн же башкача айтканда мамлекеттик бюджетке пайда алып келген.**

КР «Мамлекеттик сатып алуулар жөнүндө» мыйзамына ылайык, Республикалык радиотелеборбор тарабынан төмөнкүлөрдү сатып алуу үчүн төрт тендер өткөрүлгөн:

- Аудиовидеожабдуулары
- Майлоочу-күйүүчү материалдар
- Эфирди автоматташтыруунун сервери жана сигналды конкерттөө үчүн стрим сервер; комплекттеги копьютерлер, графиканы түйүндүк рендерингдөө үчүн программалык камсыздоо
- Архивдик санариптик маалымат алып жүрүүчүлөр.

Бардык келишимдер толук көлөмдө аткарлыды, жабдуулар алынып келинди жана жумушчу орундарына орнотулду.

КТРКнын ишмердигине байланыштуу тобокелдиктин негизги факторлорун сүрөттөө:

*Финансылык тобокелдиктер.*

Корпорациянын ишине чагылдырыла турган мүмкүн болгон финансылык тобокелдиктер мамлекеттик каржылоонун кыскарып же токтоп калышы, дүйнөлүк финансы-экономикалык кризис жана Кыргызстандагы жарнама үлүшүнүн төмөндөшү, заказ кылуучулардын жарнактык бюджеттеринин кыскарышы жана кайра бөлүштүрүлүшү, теле- жана радиоканалдардын рейтингинин төмөндөшү менен байланышта болот.

Крищиске өтө тез баш ийе турган курулуш уюмдары, банктар жана кредиттик мекемелер телевидениедеги өз жарнактык бюджеттеригн олуттуу кыскартышууда. Калган жарнама берүүчүлөр ири акчаларды жарнакка кортуудан сактанышууда жана бюджеттерин арзаныраак жана таркетингдик жарнама алып дүрүүчүлөрдү көздөй кайра бөлүштүрүүнү жүргүзүштү.

КТРКда финансылык тобокелдиктерди төмөндөтүү максатында бир катар чаралар көрүлүүдө, атап айтсак: сабаттуу баа саясатын жана маркетинг стратегиясын түзүү.

*Укуктук тобокелдиктер.*

Укуктук тобокелдиктер контрагенттердин жарнама кызмат көрсөтүүлөр келишимдери боюнча акыны өз убагында төлөө боюнча милдеттенмелерин сактабоосуна жана ошондой эле ченемдик-укуктук базанын жеткиликсиздигине байланыштуу.

*Өндүрүштүк тобокелдиктер.*

Эскилиги жеткен жабдуулардын бузулушуна байланышкан өндүрүштүк тобокелдиктер КТРКнын ишинин акыркы жыйынтыктарына терс таасир этиши мүмкүн.

Мындай жагдайларды болтурбоо үчүн инженердик курам сапаттуу эксплуатацияны жана техникалык тейлөөнү өз убагында жүргүзүп, ошондой эле жабдууларды эмгекти коргоо жана коопсуздук техникасы боюнча чараларды сактоо менен оңдоо-калыбына келтирүү жана жөнгө салуу иштерин аткарып турат. Бирок белгилей кете турган нерсе, КТРКнын санариптик берүүлөргө өтүү маселелеринен улам, корпорациянын жабдууларын толук кайра жабдып чыгууну каржылоо маселеси пайда болду.

*Ишкер тобокелдиктер.*

Учурда рынокто телевидениенин жана радионун жарнама кызмат көрсөтүүлөрүнүн жогорку деңгээли мүнөздүү, бул ушул рыноктун катышуучуларына кызмат көрсөтүүлөрдүн сапатына жогорку талаптарды коет. Ошондой эле жарнактын рыногунун структурасында өзгөрүүлөр олуттуу мааниге ээ. Жыл өткөн сайын жарнама берүүчүлөр өз бюджеттерин телекөрүүлөрдүн жогорку рейтинги бар медиаканалдардын пайдасына кайрадан бөлүштүрүп чыгышууда (интернет, тышкы жарнак, жарнама басылмалар). Жарнама кызматынын тажрыйбасын жогорулатуу, маркетингдик стратегияны сабаттуу тургузуп, так программалык жана баа саясатын жүргүзүү керек.

*Кредиттик тобокелдиктер.*

Кредиттик тобокелдиктер кызмат көрсөтүүлөрдү сунуштоо келишимдери боюнча төлөөлөрдү жүргүзүү боюнча контрагенттердин өз милдеттерин убактысында аткарбай койгондугуна байланыштаа.

# IX. Финансылык аудиттин жыйынтыктары

КР Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын 2012-жыл үчүн финансылык аудити Интерньюс-Нетуорктун “Кыргызстандагы коомдук берүүлөрдү реформалоого колдоо көрсөтүү” долбоорунун алкагында Кыргызстандагы көз карандысыз аудитордук компания «John Asworth» тарабынан жүргүзүлдү.

2012-жылдагы КТРКнын Финансылык аудитинин жыйынтыктары жетекчиликке жана КТРКнын Байкоочу кеңешине 2013-жылдын 18-мартында берилген. Аудитордук компаниянын отчету кошо тиркелген[17].

[17] 6-тиркеме. 2012-жылдагы КТРКнын финансылык аудитинин жыйынтыктары

# X. 2013-жылга каралган бюджет

2013-жылга карата бюджетти түзүүдө КТРКнын санариптик берүүлөргө 2015-жылга чейин өтүүсү менен байланышкан техникалык өнүгүүсүнө багытталган каражаттар эсептелди. Мамлекеттик бюджеттен суралып жаткан каражаттардын көпчүлүк бөлүгү көңүлгө алынган эмес. Мында 2013-жылда 100,0 млн. сом өлчөмүндө корпорацияны кайра жабдып чыгуу үчүн каражаттарды издештирип табуу боюнча Жогорку Кеңештин профилдик комитетинин сунушу Финансы министрлигине киргизилген.

Бюджет төмөнкү түрдө бекитилген (миң сом менен):

*14-таб.*

| **Аталышы** | **2013** | | |
|---|---|---|---|
| | **Контролдук сандар** | **Берилген сандар** | **Контролдук сандардын берилген сандарга болгон % катнашы** |
| Бюджет, бардыгы | 382 478,80 | 696 270,70 | 54,9 |
| %дарда | 100 | 100 | |
| анын ичинде: | | | |
| Эмгек акы | 78 424,90 | 78 424,90 | 100 |
| ошол эле % дарда, | 20,5 | 11,3 | |
| СФ чегерүүлөр | 13 528,30 | 13 528,30 | 100 |
| ошол эле % дарда, | 3,6 | 1,9 | |
| Кызматтык командировкалар | 2 500,00 | 2 500,00 | 100 |
| ошол эле % дарда, | 0,6 | 0,4 | |
| Коммуналдык кызмат көрсөтүүлөр | 276 761,80 | 576 736,60 | 48 |
| ошол эле % дарда, | 72,4 | 82,8 | |
| Башка кызмат көрсөтүүлөрдү сатып алуу | 11 263,80 | 25080,9 | 44,9 |
| ошол эле % дарда, | 2,9 | 3,6 | |

*15-таб.*

| **Көрсөткүчтөрдүн аталышы** | **факт, 2012** | **долбоор, 2013** |
|---|---|---|
| Жарнак-маалыматтык материалдар үчүн эфир убактысын берүү | 63 330 | 52 740 |
| Телеберүүлөр үчүн эфир убактысын берүү | 13 119 | 15 000 |
| Радиоберүүлөр үчүн эфир убактысын берүү | 12 254 | 13 000 |
| Жабдууларды жана имараттарды ижарага берүүдөн түшкөн кирешелер | 1 400 | 2 200 |
| Жүгүртмө жарнама (Бегущая строка) | 359 | 380 |
| Арноо-концерти | 959 | 1 000 |
| Берүүлөр программасы | 622 | 600 |
| Жана ашкалар | 362 | 3 530 |
| Бардыгы, кирешелер | 92 404 | 88 450 |

*КТРКнын өздүк каражаттарынын эсебинен алынышы мүмкүн болгон кирешелеринин планы азайтылган, анткени шайлоо боюнча жарнама компаниясынан алынышы мъмкън болгон кошумча киреше каралган эмес.*

# XI. 2013-жылга карата максаттар

2013-жылга карата максаттар, КТРКны азыркы күндүн талаптарын эске алуу менен өзүнүн бардык түрлөрүндө КР калкынын керектөөлөрүн канааттандыра ала турган керектүү массалык маалымат каражатына айлантууга реформалоого багытталган, жана КТРКнын 2013-2015-жылдарга каралган өнүгүү стратегиясынан келип чыгат.

Бул багытта төмөнкүлөр пландаштырылган:

- Техникалык аудитти жана функционалдык талдоо жүргүзүүнү өткөрүү, ошондой эле КТРКнын туруктуу контент-талдоосун өткөрүү үчүн механизмдерди иштеп чыгуу.
- Эл аралык жана тышкы байланыштарды бекемдөө: контенттер менен өз ара пайдалуу шарттарда алмашуу, КТРБ менеджменти тармагында ийгиликтүү тажрыйбалар менен алмашуу, санариптик берүүлөргө өтүү, теле жана радиопрограммаларды өндүрүү.
- Ички ченемдик базаны шайкештикке алып келүү: жол-жоболорду, жоболорду жана бөлүмдөрдүн жана кызматкерлердин ишинин ченемдерин иштеп чыгуу.
- Ички коммуникациялар системасын заманбап компьютер технологияларынын базасында интеграциялоо.
- Аймактык окуяларды чагылдыруу, чет жактардагы кыргызстандыктар жөнүндө маалымат көлөмүн жогорулатуу.
- Корпорациянын финансылык туруктуулугун КТРКнын ишин жөнгө салуучу бир катар ченемдик-укуктук актылар (ППКР) аркылуу камсыздоого жетишүү.
- Санарипке өтүүгө төмөнкүлөрдү даярдоо:

  Чет мамлекеттик, санариптик берүүлөргөн өткөн ТРК базасында кызматкерлерди окутуу.

  Аудио жана видеоматериалдарды жаңы технологиялардын базасында узак мөөнөткө сактоонун борборлоштурулган автоматтык системасын өнүктүрүү.

  Арзив фонддорун санариптик түргө өткөрүү.

  Техникалык аудиттин негизинде техникалык жабдуулардын архитектурасын иштеп чыгуу.
- Берүүлөр сеткасын КР коомчулугунун, анын ичинде тилдик, социалдык, маданий азчылыктагы калктардын кызыкчылыктарын эске алуу, ошондой эле оригиналдуу продукциянын олуттуу үлүшү бар программаларды берүү максатында да, ар түрдүү топтордун керектөөлөрүн канааттандыруу максатында системалаштыруу,
- Санариптик берүүгө өтүүнүн алкагында жаңы каналдарды ишке киргизүү платформаларын даярдоо (балдар үчүн таанып-билүүчү, маданий-агартуучу жана билим берүүчү каналдар).

# XII. Коомдук берүүлөргө карата сунуштоолор

Кыргыз Республикасындагы коомдук берүүлөрдүн өнүгүшү өзүнө өлкөнүн башкы телерадиоберүүчүсүнүн кайра түзүлүзү боюнча бир катар маанилүү милдеттерди камтып турат. Өнүгүүнүн өтө маанилүү аспектилеринин бири болуп КТРКнын туруктуу өнүгүүсүнө мүмкүндүк түзө турган шарттарды уюштуруу эсептелет. Алардын катарына төмөнкүлөр кирет:

- **КТРКга бардык толкун ыйгарууларды бекитип берүү.** Азыркы күндө дээрлик бардык КТРК тартып жаткан толкун ыйгаруулар, «Кыргызтелеком» ААКынын РПО РМТРинин бөлүмүнө бекитилген.
- Жылдык каржылоонун кепилденген минимумун мыйзам тарабынан аныктоо. **Коомдук берүүлөрдү ийгиликтүү өнүктүрүү үчүн анын** мамлекеттик структуралардан **экономикалык көз карандысыздыгынын кепилдиги талап кылынат.** Өлкө парламенти бул шарттарды тиешелүү мыйзхамды кабыл алуу жолу менен түзө алат, ал каналга коммерциялык жана саясий таасирлерден корголгон программаларды өнүктүрүүгө мүмкүндүк берет.
- 2015-жылда Кыргызстан башка 119 өлкө менен бирге толугу менен санариптик берүүлөргө өтөт. Ушул жылдан тартып аналогдук бюерүүлөр толугу менен токтотулушу керек. Бул түргө өтүү Корпорациянын техникалык жактан толук кайра жабдылышын талап кылат. Ошону менен бирге санарип берүүгө өтүү укөп учурларда чет элдик инвесторлордо кызыкчылык туудуруп, телеканалдарды көбөйтүү мүмкүндүгүннө жол ачат. Өздүк маалыматтык таасири болбой калбашы үчүн дал ушул тапта **тиешелүү техникалык жабдууларды сатып алууга каражат бөлүү боюнча өзүнчө берене зарыл болот.**
- КТРК парламенттик берүүлөрдү кошо алуу менен санариптик маалыматтык, билим берүүчү, маданий жана башка телеканалдар үй-бүлөсү пакетин өнүктүрүүгө программалык даярдыкты баштайт. **Ушул тапта Санариптик берүүлөргө өтүү боюнча мамлекеттик программада КР КТРКнын өзүнчө мультикомплексин караштыруу зарыл, ал 2015-жылдан кийин өздүк каналдарынын санын жогорулатууга мүмкүндүк берет.**

*** **<u>Эскертүү</u>:**

Жылдык отчеттук түзүлүшү аны кабыл алуунун ыңгайлуулугун эске алуу менен түзүлгөн жана Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорация жөнүндө жободо каралган бардык маалыматтарды камтыйт.

Анын ичинде:

- каржылоо жана жетекчилик жөнүндө маалыматтар;
- өткөн жыл ичинде Коомдук телерадиокорпорация тарабынан жүзөгө ашырылган ишмердиктин сүрөттөлүшү;
- өткөн жылдагы Коомдук телерадиокорпорациянын максаттары, алардын жетишүү деңгээли жана кийинки жылга каралган максаттар;
- толугу менен же бир бөлүгү, тике же башка кыйыр жолдор менен Коомдук телерадиокорпорацияга тиешелүү болушкан каалагандай компания же ишкана тууралуу маалыматтар;
- өткөн жыл үчүн кирешелер жана чыгашалар боюнча жалпы маалыматтары бар тышкы аудиттин жыйынтыктары;
- кийинки жылга каралган бюджети;
- Коомдук телерадиокорпорациянын редакциялык саясаты;
- программалар сеткасы жана аларга киргизүү үчүн пландаштырылган өзгөртүүлөр;
- көз карандысыз өндүрүүчүлөр тарабынан мындай өндүрүүчү же компаниялардын аттарын/аталыштарын кошо алуу менен берилген Коомдук телерадиокорпорациянын тарткан программаларынын тизмеси;
- коомдук берүүлөргө тиешелүү сунуштоолор жана керектөөчүлөрдүн даттануулары жөнүндө маалыматтар.

Кыргыз Республикасынын Коомдук телерадиоберүү корпорациясынын ишин жөнгө салуучу документтердин көпчүлүк бөлүгүн **www.ktrk.kg** расмий сайтынан алууга болот.

# Тиркемелер жана кошумча маалымат:

1-тиркеме. КР КТРКнын Байкоочу кеңешинин мүчөлөрүнүн тизмеси

2-тиркеме. КР КТРКнын менеджментинин тизмеси

3-тиркеме. КР КТРКнын структурасынын схемалык графикасы

4-тиркеме. «Первый канал. Кыргызстан» ЖЧКсы жөнүндө маалымат.

5-тиркеме. “М-Вектор” компаниясы тарабынан 2012-жылы өткөрүлгөн медиа изилдөөлөрдүн жыйынтыктары

6-тиркеме. 2012-жылдагы КТРКнын финансылык аудитинин жыйынтыктары

7-тиркеме. 2012-жылдагы КТРКнын башкаруучулук аудитинин жыйынтыктары

8-тиркеме. КТРКнын Көркөмдүк кеңешинин курамы

9-тиркеме. Фокус топтордун негизинде КТРКнын контентинин сапаттык изилдөөлөрү

10-тиркеме. ОТРК в 2012-жылдагы КТРКнын сандык контент талдоо жүргүзүлүшү

11-тиркеме. Коомдук биринчи каналдын 2012-жылдагы берүүлөр сеткасы

12-тиркеме. Биринчи Радионун берүүлөр сеткасы

13-тиркеме. Кыргыз Радиосунун берүүлөр сеткасы

14-тиркеме. Миң Кыял FMдин берүүлөр сеткасы

15-тиркеме. 2011-жылдагы (отчеттук жылдан мурунку) ишмердиктин сүрөттөлүшү

16-тиркеме. Редакциялык саясат